

# БАЛБАЙ БААТЫР
# баяны

Җапар ҚЕНЧИЕВ

# *БАЛБАЙ БААТЫР БАЯНЫ*

*Бабабыз Балбай баатырдын 200 жылдык торколуу тоюна багышталат.*

# БАЛБАЙ БААТЫР БАЯНЫ

Арстандай айбаттуу, Үрүстөмдөй кайраттуу, кыйкырыгы таш жарган, өзүнүн эли үчүн кыйла милдет аткарган, «чабамын!» — деп келген жоону чалкасынан салган, кекенгенден кекти, өчөшкөндөн өчтү алган, элдин четинде, жоонун бетинде болуп, кара башын канжыгага байлап, кедейди кемсинтпей, бечараны мертинтпей калкына караан болгон кадимки Балбай баатыр жөнүндө азыноолак кеп козгоп, ал адамдын арбагына тооп кылып, башыбызды ийменчибиз.

Улуу элдин учу кыска калктын кыйырын кыдырып жүргөн далай жылдык тирүүлүк көйгөйү аралаш, кызмат менен эл аралаган маалда кыргыздын өткөндөгү тарых санжырасы, акылман баатырлары тууралуу бир топ аңыз-аңгеме баяндардын арасында Балбай баатыр жөнүндөгү маалымат-окуяларды көптөгөн уламачы карыялардан жазып алган экемин. Алардын арасынан мага далилдүү жана даана маалыматтарды берген кутман карылардын айрымдарын атай кетейин. Ысык-Көлдүн Корумду айылында жашаган Атабек уулу Иса, алыскы Ак-Шыйрак өрөөнүндө туруучу Чабалдай аттуу уруктун аксакалы—Кудаш карыя, Ат-Башы районунун «Пограничник» колхозунун мүчөсү Муса уулу Айты, Сары Өзөн Чүйдүн Ысык-Ата айылында жашаган Султан уулу Бекаалы, Жумгалдын Миңкуш айылында жашаган Токтогул уулу Жолдошказы баш болгон бир топ куйма кулак кара жаак, эл тарыхын таберик катары көңүлдөрүнө бекем түйүп келген, жазылап кагазда калбаган асыл маалыматтарды жадыбалдай жат айтып бизге жеткирген акылман далай адамдардын ысымдары бар. Азыр эми алардын көбүнүн көзү өтүп кетиптир сурамжылап көрсөм, ылайым ыймандары саламат, болсун, жаткан жерлеринен жай берсин. Ана ошол

аксакалдардын айткан-дегендерин башка да тарыхый фактылар менен иргей салыштыра келип ыраатуу бир мазмунга ылайыктап азыркы окурман журтуна сунуш кылсам деп өмүр бою эңсеп келген тилегим эми гана жүзөгө ашмай болду.

Колдогу жыйналган маалыматтарга караганда Балбай баатыр 1791-жылы жарык дүйнөгө келген экен. Демек андан бери туп туура эки кылым убакыт өтүптүр. Мындайынча айтканда өткөндөгү бир баатырыбыздын чоң салтанатын өзүнчө белгилей турган учур да али кеч боло элек.

Баатырдын өз атасы—Эшкожо, чоң атасы—Абайылда, бабасы—Токой, жотосу—Белек, кубаарысы—Жаманкул, муштуму—Алсейит, жетеси Мырзакул, анын атасы Орозбакты.

Энеси Айжан сарыбагыш уруусунан чыккан чоң манап, кадимки Атаке баатырдын кызы.

Илгери уруучулук заманда элдин биримдигин чыңдап, өтмө катар туугандашуу үчүн уруу башчылар кыз алышып, кыз беришип, барымтачыл талаш-тартыштарды, ар кандай жаңжал-чатактарды ошол кудасөөк аркылуу жөнгө салып турушкан. Так мына ушундай максат менен Абайылда баатыр өзүнүн төрт баласынын бирөөнө ылайык көрүп Атакенин кызы Айжанга сөйкө салат. Балдар бойго жеткенде Абайылда баатырдын уулун аябай урматтап тосуп алып, өзүнчө өргө көтөрүшүп, сыйлуу жайгаштырышат. Бирок, айтымга караганда атасынын даңкы менен сый көрүп жаткан күйөө бала тез эле болумсуз экендигин билгизип коет. Эл менен анчалык иши болбой эпейип олтуруп, кабаттап боорсок сугунуп, тамак ичкени да, отуруп-турганы да, кепсөзү да орунсуз чыга берет. Кыраакы кыз мунун баарын жазбай баамдап олтуруп, болочок жары болумсуз чыгаарына көзү жетет.

Бир күнү кечки салкында айыл сыртына сейилдеп чыгышат. Күүгүм кирип асмандан ай толукшуп көрүнөт. Күйөө бала таң калып:

— Ап-ээй, биздики жактагы ай бул жакка да келип калган турбайбы? — деп дөөрүйт. Муну уккан кыз-келиндер

кыраан каткы күлүшүп, Айжан аябай катуу сынып калат. Сейилдеп барбай эле кайта үйгө келе берет. Апасы Ак байбичеге айтып бул күйөөгө өлсө да барбай тургандыгын билгизет. Эртеси күйөөлөрдү атказып жиберишет. Ошентип ортодогу «кармашкан кол, ак бата» бузулат. Ал кезде атасынын төрүндө олтуруп «күйөөсүн чаныптыр» деген сөз келип ала турган жак үчүн чоң намыс болуучу. Болгондо да даңазалуу Белек баатырдын тукумунан чыккан Абайылданын баласын чанып олтурат. Буга бүтүндөй бугу эли намыстанат. Ошондо кадимки Акжол баатыр найзасынын бөрү тилин бүлөп курчутуп, жанына мыкты азаматтардан алып, жолго чыгат. Мындайда намыс үчүн «кара башты» саюучу.

Ошентип, тоодо бекинип жатып, Акжол баатыр Атакеге кийинктеп жүргөн жеринен жолугат. Бир топ опурулуп-жапырылып жатышып, кара буулары чыккандан кийин акыры сөзгө келишет.

Атаке баатыр: — «Эми мынча болду, кудай-арбакты ортого салалы. Абайылданын башка баласы болсо кызды ошого берейин» — дейт.

Ошону менен убада бекип Акжол баатыр айлына кайтат. Айжанды Балбайдын атасы Эшкожого алып беришет. Эшкожо ит агытып-куш салганды жакшы көргөн, мырзачыкма мыкты жигит болгон дешет.

Жыл маалына жетпей Айжандын тун уулу Балбак туулат. Анан кайра боюнча бүтүп, талгак болгон дешет. Санжырачылардын ичинен бир тобу. Султан уулу Бекаалы баштаган тобу Балбайдын энесин жолборстун жүрөгүнө талгак кылышат. Жолборсту Көл боорунан таба алышпай Сары Өзөн Чүйгө чейин келтиришет да акыры жолборс эмес эле Кегетиден аткан карышкырдын жүрөгүн алып барып беришкен дешет. Ошону үчүн Балбай бир моюн болуп, бурула албай, карышкырча тулку бою менен бурулчу экен деп айтышат. Менимче бул туура эмес го. Анткени ошол кезде жолборс көлдүн кайсы гана жеринде болбосун бар экендигин саякатчылар жазып кетишкендери кеңири белгилүү. Кийин, бат атма мылтыкта-

ры менен орустар келгенден соң гана кайберен кырыла баштаганы да ырас. Ага чейин тоо табияты байма-бай толук эле.

Иса, Айты, Жолдошказылар Айжанды «көкжалдын» жүрөгүнө талгак болгон экен деп даңазалашат. Эмнеси болсо да атактуу баатырды ардактаган болушса керек. Жомоктордо чыгаан баатырлардын энелерин кыраан айбанаттардын этине, жүрөгүнө талгак кылышаары белгилүү.

«Көк жал» дегенибиз карышкырдын сырттаны, төрөсү эмеспи. Анын табылмагы да өзүнчө бир кыйын иш болсо керек. Жөнөкөй карышкырдын жүрөк этине талгак канбай окшуп, Айжан кыйын болуп турганда, айласы кеткен Эшкожо сураштырып олтуруп, издеп жүрүп саяктан чыккан Мекил мергенге келип жолугат. Айрым-айрымдардын айтуусуна караганда Мекил өзү кушка да, жан-жаныбарга «тилмеч», олуя чалыш мерген болгон дешет. Ал киши ошондо картайып, жетимиштен ашып калган кези болсо керек. Ойлонуп олтуруп:

— Ата балам ай, бир топ убара болгон экенсиң. «Көк жалды» табуу кыйын. Ал карышкырдын сырттаны. Ал ээлеген жерге башка айбанаттар бата албайт. Ал жүргөн жерлер бөтөнчө, белгилүү. Ал өзү жүргөн жерлердин аңын эч кимге алдырбайт. Андан чочуп илбирс, аюулар да бара албайт. «Көк жал» жүргөн жердеги аркар-кулжа, кийиги нык семирип, бейгам оттошот. Өзү болсо он чакырык үн жете турган жерге барып уу кылат. Менин билишимче бир жерде «көк жал» бар көрүндү эле, — дейт да жолго камынышат. Жуукуну ашып, Эшик-Арт аркалуу Ак-Шыйрактын ичине түшүшөт. Беш-Мойнокко эки күн өрүү болушуп, байкоо жүргүзүшөт.

Карт мерген кечки көз байланган кезде, эртең мененки үрөң-баранда шашып аттанып чыгып, буйгатка аттарды таштап, кырлардагы боргул таштардын арасына жатып, колун чоор сыяктуу кылып кудум карышкырча улуп жүрдү. Анын үнүн коштогон туш-тушунан чуулдаган карышкырлардын улугандары үрөйдү учурат. Ошончо карышкырлар ээн жерде таласа адамдын тарпын калтыраар эмес. Ал эми карт

мерген кенебейт. Атып алышкан семиз кулжанын жиликтерин өтко кактап чагып, ага таттуу боорду аралаштырып жеп, капарсыз укташат. Эртеси сууну кечип өтүшүп, Темир-Таш менен Сары-Булактын оозуна барып байыр алышат. Байкоо иштерин баягыдай эле таң эртең мененки үрөң-баранда, кечки көз байланганда жүргүзүшөт.

Бул жерде да кашабаң өтө көп белем, мергендин карышкыр болуп улуган үнүн улай тушщ-туштан жабыла улушкан карышкырлар толтура. «Көк жалдан» үмүт үзүлдү. Акыркы күнү Үч-Байкенин адырмагына барып байкоо жүргүзөшөт. Күүгүм кирип, бирин-серин жылдыз чыга баштаган. Карышкырча улуп жаткан мерген бир маалда тык токтоп: — «Бар экен», — деп кубанып, маңдай терин этеги менен аачыды. Эшкожо эч нерсе түшүнгөн жок.



Шаша-буша аттанышып обо мелжиген тоонун түбүнө барышты. Тоо сүрдүү, алда кандай айбанаттар чыга калчудай. Аны түшүнгөн мерген жанындагыларга: — «Бул жер ээн. Эч кандай коркунучтуу айбанаттар жок. Алардын баары

төмөнкү адырларда аң кезип жүрүшөт. Тоо арасына ала күндүз келип бекинишет» — деди. Аска алдындагы эжигейдей тытыша өскөн май бетегелерге аттарды аргамжылап, айдын жарыгына барандарды майлап, мылтелерди текшерип, октотуп койдурду. Кудай буйурса эртең мененки үрөң баранда «көк жал» менен жолугушат.

Эшкожо менен анын жанындагы жолдошу эртең мененки таң жаңыдан сүрүлө бергендеги мезгилде карт мергендин жулкулдатуусунан ойгонушту. Шашып ат токушуп, тез эле аттанышып урган таштай удургушуп Миң-Кызырдын бир корумдуу дөбөсүнө келип токтошту. Аттарды төмөн жактагы калака таштын астына байлашты да кудайга жалынышып, «ак-сарыбашыл» айтышты. Карт мерген каадасынча карышкыр болуп улуп кирди. Эшкожо менен жанындагы мерген мылтыктарын белендешип боортоктоп жатышат. Жерге жарык кире баштап, түнөгүндөгү улар тобу төмөнкү оттогуна учуп кете башташты. Бир кезде карышкырдын коңгураган жоон үн менен улуганы угулду. Мергендерден үч бута атымдай төмөн жакта былтыркы жалгыз күчүгүн ээрчиткен, тартайган узун куу канчык менен тай торпоктой болгон жалдуу көк дөбөт турду.

— «Балам тигил куу канчыкты такыр колтукка мээле»,— дейт карт мерген тигил ээрчий келген мергенге.

Бу дагы огу сая кетпеген мыкты мерген белем, барандын бетине алып мелтирете тиктеди. Тоо арасында аралыкты өлчөө кыйын, кемип, же аша тийип калуусу мүмкүн. Көк дөбөттү Эшкожо өзү мээледи. Куу канчык кыйды, сак. Мурдун жогору көтөрүп, жыт искөөдө. Балким бир шек-шыбаатты билген чыгаар. Анда «жылт» этип буйткага кирип жок болоору шексиз. Ангыча «тарс!» эткен баран үнү тоо арасын жаңырытты. Машаада турган куу канчык куйругун соройто көтөрүп, «арс» этип өз капталын өзү каап алып андан кийин оозун ачкан бойдон үн чыгарууга шайманы жок, эки жолу ордунан тегеренип, үчүнчү жолу ойдолой мүргүп барып бүк түштү. Дөбөт эмне болуп кеткенине көзү жетпей, күрсүйө тиктеп турганда экинчи барандын үнү чыңырды. Эми гана

бир балээнин болгонун сезгендей көк-жал жаа тарткандай кудуп төмөн секирди. Мергендер кудайга жалынып жөнөшт. Көк-жал бир белести ашып барып жыгылган экен. Ошентип Эшкожо айлына келип, тигил мергендерге тон кийгизип, ат мингизип, ай туякка бээ чалып, той кылып жөнөткөн деп жүрүшөт. Айжан эненин талгагы канып болочок баатыр 1791-жылы туулуп, кийин 1867-жылы дүйнөдөн кайтат.

Баатырдын балалык кези жоокерчилик заманга туш келди. Казак калмакты чапса, калмак кыргызга кол салып, атүгүл уруулар арасында да жер талашып, барымтага мал алышып, «Жоо келди» деген сөз жүрөктү өйүп, көкөйгө көк таштай тийип, үрөйдү учуруп турду. Эгер эл ичинде Балбай сыяктуу жоону беттеп чыккан азаматтар болбосо андай журт талоонго кетип, башы-малы олжолонуучу. Мындай кырдал уруулардын өзүнчө топтолушуна алып келген. Балбай сыяктуу баатырлар ошол уруунун кайсы гана өкүлү болбосун жоо колуна таштаган эмес. Көчөөрүнө унаа, саарына мал беришкен. Кулдукка кетүүдөн куткарышкан.

Балбай баатыр жөнүндө эл оозунда көптөгөн улама сөздөр айтылып жүрөт. Ал киши чымыр денелүү, орто бойлуу, кең далы, бирок бир моюн адам болгон дешет. Ал артына карай кылчайя албай бүт денеси менен бурулуп анан карачу дешет. Анын мындай бир моюн болуп калышын жакагы «көк жал» карышкыр менен байланыштырышканын, энеси көк жал карышкырдын жүрөгүнө талгак болгону үчүн карышкырдай «тоң моюн» болуп калгандыгын айттык. Ал эми душманын беттеп качырып чыгышы да ошол карышкырдан калган дешет. Булчундары буртуйуп, кырынан жылаңач жатканда бөлөк-бөлөк бөлүнүп турган булчундан коомай жерлер калганын кеп кылышат. Бала кезинде эле өзүнөн алда канча чоң жигиттер анын чейрегине келе алышкан эмес дешет. Шамдагай, аттын кулагы менен тең ойноп, жайдак аттын капталына түшүп, найза сайып, жаа тартканын, шамдагайлык менен кылыч шилтегенин көп кеп кылышат. Чокчо сакал, нур жүздүү, бүркүт кабак, көзү оттой жанган, аябагандай сүрдүү адам болуптур.

Бала кезинде эле Ногой баатыр, Жанек баатыр, Нурдөөлөт баатыр, Өмүр баатыр, Молдо баатырлар менен бирге жортуулга аттанган. Эл ичинде Балбайды «беш баатырдын кенжеси» деп аташкан. Демек, ал баатырлар — Ногой баатыр, Жанек баатыр, Нурдөөлөт баатыр, Ажыбек баатыр, бешинчи, эң кичүүсү — Балбай баатыр болгон дешет. Бирок, айрым бүгүнкүнүн санжырачылары Ажыбекти алып таштапат да, бири Молдо баатырды кошот, Белек тукуму болсо Өмүрдү кошуп айтышат. Чындыгында беш баатырдын бири Ажыбек баатыр болуу керек.

Ногой баатыр баарынан улуусу, баатыры жана касиеттүү адам болгон экен. Жортуулга чыгышканда дайыма ошол Ногой баатырдын акылы менен болушкан. Өзү чанда бир жол тосуп жекеге чыкпаса, дайыма тигил төртөөнү жумшап турган. Олжонун көбүн дагы ошол Ногой баатыр алуучу.

Бир жолу Жанек баатыр:

— Ногойсуз эле төртөөбүз жортуулга барып көрөлүчү,— деп калат. Анысы — Ногойдун «акимчилик» кылышы көңүлүнө жакпай калса керек.

Иле дарыясынан нары өтүп барып казактан миңдеи ашык жылкы тийет. Жылкы баккандарды карыга чаап, тизеге кагып, майып кылбай аттан түшүрүшүп жүрүп олтурушат. Куугунчулар самсып каптап келишти эле аларга да оңою менен найза салдырышпай белинен үзө чабышып, «жер сайдырышып» бир тобун аттан ажыратышып, оюн куруп келе беришет. Акыры кууган кол да кала берет: «Алса малды алышаар, жанды сактайлы» дешкени болсо керек. Жылкыны жапырт айдап Иледен бери өткөрүшкөндө жайдак тору ат минген бир жалгыз баатыр кууп жете келет. Ал Иленин наркы өйүзүнө туруп алып түпөктүү бөрү тил найзасын өйдө көтөрүп: — «Жекеме-жеке!» — деп кыйкырат. Берки өйүздөгү төртөө күлүп: — «Бери өтүп кел!» — дешип, кол булгашат. Жалгыз баатыр Илени сүздүрүп, тору айгыры менен бери өтүп келет дагы «Жеке!» деп найзасын көтөрөт Ооба, жекеге чыгыш керек. Улуулашалы дешет. Жалгыз баатыр Жанек, Нурдөөлөт, Ажыбек баш болгон үч баатыр-

ды топтой томолотот. Ошолордун эң кичүүсү Балбай баатыр жаңы гана эрезеге жеткен кези экен. Экөө тең атка камчы салышып катуу качырышат. Ортодо тагдыр калыс. Бирөө орто жашта, берки бирөө — жаш бала. Учкаяк аттар көз ачып жумганча эки баатырды бет келтирди. Айкырып шилтенген эки найза чарайнаны талкалап соотко кадалды. Экөө тең аттын соорусуна кетишти. Эстери эңгиреп, кулактары чуруллдап туруп калышты. Бир убакта: — «болду», — деп жалгыз баатыр аттан түштү. Тигинин улуулугун сыйлаган Балбай баатыр озунуп атын алды. Капырай, эми эле биринин канын бири төккөнү турушпады беле?

Баса, казак баатыры тигил үч баатырды да эч жерине зыян келтирбей аттан гана түшүрө сайган экен. Ордуларынан күбүнүп тура келишти. Жылкыны имерип айдаттырып келип жалгыз баатыр бир туу калган бээни сойдурду. Эт бышып, тамак ичилип бата кылгандан кийин:

— Сендерде дагын баска бир батыр болатын эди гой, осы кайда? — деп сураптыр жанагы жалгыз казак баатыры.

— Ооба, биздин арабызда башкы баатырыбыз боло турган. Ногой баатыр деген агабыз бар эле, — дешет ошондо берки төрт баатыр.

— Солай болатын ау, сонымен бир бет келисип көрсөм деп самап жүр едим. Сол Ногайды түнимен болса да мынау жерге келтириндер. Жекме-жек беттесемиз. Осы батырдың колунан мен мерт болсам сүйегимди ару жуып алдыгы дөбениң басына коюндар да мынау жылкыны түгел айдап алып кете бериндер! — дейт казак баатыры.

Жанекке ат коштотуп чаптырып элге жиберишет. Эртеси улуу шашке ченде Ногой баатыр жете келген экен дешет. Ошондо эки баатыр эки жактан ураан таштап эр сайыштын эрөөл талаасына чыгышат.

— Жалбы! — деп ураан таштайт жалгыз казак баатыры.

— Ногой! — деп өз атын атап заңкылдайт берки кыргыз баатыры.

Далай-далай салгылаш сайыштарда каныккан тулпарларынын баштарын коё беришип эки баатыр эки жактан зы-

мыратып жөнөп беришет. Бута атымдай жакындап келип калышканда казак баатыр түз качырып кетаткан найзасын жогору көтөрүп тикелентет. Аны көрүп Ногой баатыр да найзасын жогору көтөрүп ала коет. Эки баатыр бастырып келишип эзелки тааныштардай ат үстүнөн төш айкаштыра учурашат. Көрсө жалгыз баатыр казактын кадимки айтылуу баатыры Жалбы батыр тура. «Эрдин атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» деген сөздө калет жок белем, алты баатыр ошондо кайра аттарынан түшүшүп, жайланып олтурушуп, кысыр эмди тай союшуп биртууган элдин өткөн-кеткенинен кенен-чонон кеп салышып, боор батырышып маек курушкан экен.

— Карагым, саган найза урмай кайра көтерип алган себебим — сенде казактын каны бар экен гой, — дептир Жалбы баатыр Ногойго, — Өз бауры мен кан төгилисүгө болмас!.

Сураша келишсе чын эле Ногойдун энеси казак кызы болуп чыгат. Ошентип эмеле эрөөл талаада беттешкени турган эки баатыр таяке-жээн болуп чыга келишет.

— Бала баатыр Балбай менен бир беттешип, анан аны менен кайра эмнеге сайышпай койдуңуз? — деп сурашканда Жалбы баатыр Балбайды жанына чакырып олтургузуп:

— Осы баланың колдаушысы көкжал каскыр экен. Мениң тагын колдаушым көкжал каскыр болатын. Анан калса муну Кыдыр жылаулап жүр экен. Баралына келгесин баатырдыгы менен эки эсе асып түсетин түри бар. Келе балам, бер колыңды! — деп, кыбыланы карай бурулуп туруп батасын берген экен. Анан дагы:

— Анау жылкы ишиндеги кула каска тайды карма! — дептир. — Болашакта жауга минетин сениң атың сол болагын, — деп көрсөтүптүр. Ошол тай кийин Балбай баатыр минип жүргөн Суркашка айгыр ошол делинип айтылат.

Ошентип Жалбы баатыр коштошуп жатып:

— Энди батырлар, мен тетиги ала аяк айгырдын үйүрүн айдап кетейин. Ээршиген жылкыны кое бериңдер, калганы бүт сендердики, — дейт.



Берки бешөө жылкыны бүт эле айдап кете бериңиз дешсе болбой коет. «Ырымы болсун» — деп беш жүз жылкы бөлүп берип, калганын кайра айдап алып коштошуп кете берет.

Ошол окуядан кийин казак-кыргыздардын ортосунда барымталап жылкы тиймей бир далай жылдарга чейин токтолгон экен.

...Кайра эле эл арасы бейтынч. Кайра эле тоо арасында тополоң.

— Аттан кыргыз, жоо келди! Текестеги калмактардан экен. Бирназар акенин алты баласынын миңден ашык жылкысын тийип кетишиптир. Артынан сая кууп барган кууганчулардын арасынан үч киши мерт болушуптур...

Эл уйгу-туйгу чапкылап Шатылуудагы Балбайга киши чаптырышат. Ошондо баатыр сыркоолоп жалаң чалап ичип жаткан экен, башын ак жоолук менен таңдырып туруп туулгасын баса кийип, Аксурун минип келет. Баягы эле беш баатыр, максаттары — жылкыны ажыратып келүү. Баштап жөнөгөнү Ногой баатырдан кийинки аксакалы Нурдөөлөт. Бул кишинин уругу саяк. «Эрдин даңкын алстан ук» деп баатырлар бирин-бири эңсеп, издеп барышып табышып достошчу экен. Айрыкча Балбай баатыр Нурдөөлөттүн эрдигин жогору баалап, урмат көрсөтүүчү экен. Кадимки эл оозунда айтылып жүргөн буластаган Осмонбек кызы Бурулча ошол Нурдөөлөт баатырдын кыз алган жубайы болгон экен. Бурулча эне келбети келишкен, суудай таза, акактай тунук, санжыргалуу сарамжалы менен, келген мейманга жасаган мамлеси, сыйы менен мактоого татыктуу, ак көрпө жайыл жакшы аялдардан болгон экен. Нурдөөлөттү-Нурдөөлөт кылган ошол Бурулча болуптур. Ал кишини кийин ырчылар, комузчулар «ойношчул» аял катары күү чыгарышып, ырдашып, журтчулукка жайып жиберишкен. Чындыгында Бурулча шайыр киши болгон дешет. Өзү да комуз черткен. Келин кезинде селкинчек салдырып, «Ак чөлмөк» оюндарын ойногонду жакшы көрүүчү дешет. Эки үч күндөштөрдүн үстүнө келсе да Бурулча адамкерчилиги менен алдыга чыккан.

Бул аял жөнүндө чындыкты айтып коюшубуз керек, аны

кийинки жаштар билүүлөрү зарыл. Бул жөнүндө «Саяк санжырасында» өзүнчө сөз козголот. Азырынча өз сөзүбүздү улай берели.

Куугунчулар кечигип барышат. Жылкы кайсы айылда экенин билиш үчүн жети баатыр бойлорун жашырып, кароол карашып байкоо жүргүзүшөт. Жер жайнаган калмакка улам жолдон кошулуп олтурушуп жети эле баатыр барышты. Алар: Ногой, Жанек, Нурдөөлөт, Ажыбек, Молдо, Өмүр, Балбай баатырлар эле. Ажыбек баатыр Ат-Башылык черик. Кадимки кушка тилмеч Томо мүнүшкөрдүн кызынан төрөлүп, бугу элине жээн. Эки Нарын аркылуу мал оторлотуп Үч-Көлгө келген жеринен кошулду.

Мал көздөп жүргөн бир жай чарба калмакты кармап алышып, андан болгон окуяны тактап билишти. Жылкынынургалдуу көпчүлүгү Доргун баатырдын айлында экен. Күндүр-түндүр кермеде суутулган мыкты аттар байлоодо. Жигиттер жоо кийими менен жатып жүрүшкөн дешет.

Өнүтүнө келтирип туруп таламандын тал түшүндө эле жылкы тийишти. «Алтындан добул карс коюп, Алмабаш мылтык тарс коюп, Алманбет менен эр Сыргак, Жылкы тийди ат коюп» дегендей эле болушту. Күтүрөгөн көп жылкыны айылды аралата айдашты. Кермедеги күлүктөрүн да чылбырын кылыч менен кыя чабышып кошо айдашты. Мындай кылат дешип калмактар эч убакта ойлошкон эмес. Айыл арасы ызы-чуу түштү да калды.

Анчалык узай электе эле бирин серин соролоктото чабышкан куугунчулар жете келишти. Арттан чаң созултуп, улам жаңы күчтөр көбөйүүдө. Алдыда кара жалдуу тору айгыр минген бирөө жаасын кезеп, соот бузар болот учтуу жебээсин чоюп келе жатат. Анын алдын Балбай баатыр тороду. Калмак жебени кое бергенде аттын капталына оой берди. Шамдагайы болжолсуз кайра оңолуп калмакка мине түштү. Калмак баатыр «жайладым» деп ойлогон. Жебээ ышкырып өтүп барып жерге сайылган эле. Калмак тору айгырдын үстүнөн жалп кулады. Жээрде кашка ат минген чудуйган кызыл кишш найзасын Балбайга кезеп келе жатты.

Балбай да буга карай бет алды. Ал найза кезеген Доргун баатырдын өзү эле. Найзасын кагып жиберип долоно саптуу болот найзаны ушунчалык катуу шилтеген экен сооттун чыгырыктарын быркыратып өтүп, найза учу аркасынан чыга түштү. «Жазыксыз өлгөн кыргыз жылкычынын каны үчүн. Сен да аны аябай жазыксыз жерден жайлагансың! Мына сага да кезек келди», — деп ойлоду Балбай. Үчүнчү найзакердин найзасын Балбай белинен үзө чапты. Нурдөөлөт, Ажыбек, Жанек баатырлар кайрылышып, жоо алдын тосушуп, улам келгендерин аттан ажыратып турушту. Илгертен эле мындай урушту «ит урушу» деп аташкан. Эми кол салууга даай алышпай четтеп калышты.

Жылкыны куткарышып, Сарыке балбан көтөрүп келип койгон «Чек ташка» келишип бир аз тыным алып жатканда арттан дагы чаң чыкты.

Бул атагы жаңы чыгып келе жаткан калмактын Ойгун баатыры экен. «Жеке!» — Ата расмиси. Буга да Балбай өзү чыкты. Эки жолу найзалашып, үчүнчү жолкусунда Балбай баатыр: «Жылкынын тенин кайра ал да кайра артыңа кайт» деп эскертти. Жаш баатыр болбоду. Өз убалың-өзүңө. Өжөр жаш баатыр үчүнчү беттешүүдө мерт болду. Жолдо конуп жатышып, жолдоштору: .

— «Баке! Эмне үчүн тигил жаш баатырды аяп жаттың? дешсе:

— Адамдын сырттаны экен, колум барбай жатты, — деген экен баатыр саал чулдур тили менен...

Жайдын толуп турган кези. Балбай баатыр жалгыз өзү кайгуулда жүргөн. Капилет келчү жоо барбы? Же караөзгөйлүк кылуучу доо барбы? Иленин суусун бойлой жай бастырып келе жаткан. Жайкы күндүн эртең мененки мемиреген илеби көңүлдү сергитет. Шыраалжындын жагымдуу жыты таноо жарып, чегиртке шыкылыктап үн чыгарып, көк жээктин буралган тулаңы атчан кишинин үзөңгүсүнө чейин сеңселет. Табыйгаттын кол менен жасагандай кооздугу ай. Өзөндү бойлой өскөн дүпүйгөн калың токой. Андай кайың, тал-терек өскөн жалчалар Иленин ар бир майда куймалары



менен кошо келип чоң өзөнгө кошулат. Аксур селт этип шектүү алды жагын карады. Топ сагызгандар шакылыкташып жатышкан экен. Бул бекер белги эмес. Баатыр байкап жараса токойдун арасында созолонгон көк түтүн чыгып жатат. «Жылкы алган уурулар болсо керек» деп ойлоду. Бастырып түз эле барды. Он беш сүмбөдөй болгон байталды тизип байлап коюшкан экен. Баатыр тааныды. Арык тукумунун тамгасы басылган. Отту тегеректеп албан субандай болушкан тогуз жигит олтурушат. Балбай бастырып барып, он беш байталды агытып ачыкка айдап чыкты. Эми тигил тогузу жабыла атка миништи. Үчөө байталдарды көздөй чапты. Алдыдагы кең далылуу күпсөрдөй болгон немеси:

— Ойбай сорлы кыргыз! Сорладың гой! — деп найзасын белендеп келе жатты.

— Качпа! — деди. Балбай баатыр чокморун чечип алды:

— Мен эзели жоодан качып көргөн эмесмин!

Айкалыша түшкөндө тигил казактын сундурган найзасы белинен чорт сынып, өзү ат үстүнөн камгактай учту. Ээрчише келе жаткан төртөө ат үстүнөн сулап жерге түшүштү. Жылкы тоскону кетишкен үчөө мындай болот деп күтүшпөсө керек, байталдарды таштап, бери кайрылышты. Экөө артта, кыясы коркоктору болсо керек. Бирөө алдыга келе жатып, жарк эттире кылычын сууруп алды. Балбай баатыр мындайлардын нечеНИН көргөн.

Беттеше кетишти. «Шыңгыр» этип кылыч экиге бөлүндү. Күч менен шилтенип, чоюнбашка согулган. Мындагы бир өзгөчөлүк, баатырлар мейли сайышта, мейли чабышта болсун көз ирмөө деген болбойт. Кичине эле көз ирмедиң иштин бүткөнү, анда ал баатыр кырсыкка учурайт. Душманынын кыймылын өлчөп, ошого жараша шамдагайлык кыймыл аракет керек. Кылыччан жигит атынан жалп этти. Арткы экөө эки жакка жайыла качышты. Эрлердин максаты кишини өлтүрүү эмес, талуу жерге чаап, же нукуп атынан ажыратуу гана. Киши өлтүрүү айыгышкан кан төгүлүү учурунда гана болгон. Сүйөп, таяп жетөөнү суу жээгиндеги чоң теректин түбүнө алып барып эс алдырды. Тигил эки коркок

жигиттер да жардамга келди. Суу жутуп эс алган баягы башчысы:

— Баатыр! Ысмың ким? — деди.

— Ой-бай карагым бар бол! Балбай аттуу үлкөн баатыр бар экенин эшиткен элек, — деди Сейит баатыр. Байталдын семизинен бирди тандап союшуна берип калган байталдарды айдап барып Балбай баатыр ээсине тапшырды.

«Эр кадырын-эр билет». Жылкы алган «ууру катары эсептелгендиктен» тигилерге соогат таштабай кетсе да болмок. Сейит баатырдын атагын Балбай угуп жүргөн тура.

Мына бул баатырдын үч жолу гана эрдиги. Мындай эрдиктерди айтып олтурса өтө көп. Балбай баатыр бир жарым кылымдан наркы кызыктуу окуялар менен толукталып келе берген. Баатырдын өмүрүндөгү кайгылуу жана өтө түйшүктүү чалкеш маалы Ормонхандын өлүмүнөн кийин болуптур. Бул окуя да кошумчаланып олтуруп бир топ майда равияттарга айланып. кээ бир авторлор чындыкка жакындатып беришсе, кээ бирөөлөрү көркөм сөз менен кооздойбуз дешип жатып, чалмакей чалышып коюшкан. Кыргызда «майдадан маани бузулат» дешет. Окуянын бурмаланышы жакшы жакка алып барбайт. Жогоруда мен аттарын атаган адамдар тилдеринен бал тамган чыныгы уламачы-санжырачы адамдар болгон. Буларды уккандарын унутпаган табыйгы талантар десек да жаңылышпайбыз. Эгер алардын аздыркөптүр сөздөрүн жазып албаганда бул кызыктуу окуялардын бардыгы ошолор менен кошо жок болмок.

Баатырдын Ормонканды өлтүрүшү Сарыбагыштын уруу санжырасында ийне-жибине чейин териштирилип берилет. Бирок Ормондун кандай болуп өлгөндүгү жөнүндө аз да болсо бир үзүм түшүнүк бере кетишибиз керек. Анткени «Кыргыз Туусу» кезитинин тогуздун айынын 18и, 1991-ж., № 242 (2943) санында туура эмес маалымат жүрөт. Бир элди жамандап башка элди мактоого акыбыз жок. Анда Ормонго айылдарды талатып, кыз-келиндерди олжолотуп, бир сулуу келинге «баатыр акем кайда?» дедиртип койгон.

Негизги чатактын башталышы эки тараптын ордо атышуусунан келип чыккан экен. Калыгул көрүп: «Балдар ордоңорду токтоткула, бүтүндөй канга айланып кетти» деген экен. Бирок ага болбой коюшкан.

Ордо атышып жатканда бугу тарабындагылар «чокондоп» калышып, Жети-Өгүздөн кош аттап чаптырышып Чыймылды алдырышкан. Ал киши жүздүн үчү чүкөнү бүт салдырып, оюнду жандырып кеткен. Утуш бугу тарабындагыларга ооган. Канды чертүүдө Төрөгелди атайылап эле алдын тосуп чертмекчинин черттирбей койгон. Аны көрүп Балбай шымаланып чыккан. Атаандашып, ич ара эрегишип жүргөн эки баатыр чай кайнамга катуу кармашышкан. Экөө тең бири бирине алдыра коюшпай, күчтөрү да, ыктары да бирдей келет.



Аксакалдар «күрөштү токтоткула!» — деп ортого түшө калышып, ошол кезде Төрөгелди бошошо түшкөнүнөн пайдалана калып, Балбай аны так көтөрө берип жерге уруп, башынан аттап кеткен дешет. Так мына ушул жерден кан төгүлүп кете жаздаган. Балбайдын жоругуна ызаланган Төрөгелди чындап кол сала турган болгондо бугулардын

ичинен кимдир бирөөсү Балбайга чоюнбаш кармата коёт. Адыя келе калып Төрөгелдинин колуна кылыч бере салат. Арага аксакалдар жабыла түшүп жатышып араң ажыратып калышкан.

Байгени да алышпай бугулар кектүү аттанышкан. Жолдо бара жатышканда алдыларынан бир чагалдак чыгып калып, анын атын Балбай баатыр жыгып алып коштой кеткен. Жолдон жолуккан жылкычыларды да байге үчүн деп айдай кете беришкен. Чагалдак деген уруунун аты, Токонун бакма балдарынын бирөөнүн уругу. Чагалдактын өз аты Бейшемби. «Атың Солтонкулдун жылкысында жүрөт» — деген сөздү угуп ал бечара жоготкон атын издеп барган экен, аны ууру деп кубалашканда көлгө кире качып барып чөгүп өлөт. Ордонун байгесинин барымтасы бүтпөй Ормондун Семиз-Белге кыштаткан жети жүз иригин бугулар союп жеп алышат. Анан эки арадан жылкы тийүү башталат. Эки эл арасы катташпай, эрегишүү катуулап, кекенүү күчөп кетет.

Сарыбагыш менен бугунун барымтачыл кагылышуулары андан жүз жыл мурда эле болуп келгенин академик Б. Жамгырчынов баш болгон тарыхчылар эскерет. Ал туура. Белектин тушундагы, Эсенгулдун жана башкалардын тушундагы «тең ата» болуудан келип чыккан майда барат кагылышууларды санжырачы карыялар айтып жүрүшөт. Бул жолку кагылышуу көптөгөн күнөөсүз адамдардын канынын төгүлүшүнө алып келген.

Балбай баатырдын Ормонду опаат кылгандыгы тууралуу эл арасында ар кандайча кеп-сөздөр көп болгону менен анын негизи бирдей эле айтылат. Бул маселе тууралуу эл оозунан жазылып алынган көптөгөн маалыматтардын баарын тизмектеп олтурбай эле, маселен, айтылуу жазгыч акыныбыз, атактуу Тоголок Молдо Байымбет Абдыракман уулунун өз оозунан жазылып калган бир маалыматка кайрыла кетсек ушул айткан аныктамабызга урунттуу далил болуп бере алат. Улуу акын, демократ Тоголок Молдонун эң эле бай адабий мурасынын арасында айрыкча санжыралары азыркы кезге чейин калк арасына жарыяланып тарай элек

элс, «Ала-Тоо» журналы гана 1990-жылы анын бир материалын жарык көргөздү. Андан калса Кыргыз жумуриятынын Илимдер Академиясынын Кол жазмалар бөлүмүндөгү 1016 номурлуу папкеде сакталып турган «Урууларды бөлүнүштөрү» деген ат менен сакталып турган кол жазмада (аны Тоголок Молдо өзү айтып Абдыкалык Чоробаевга жаздырып жиберген материалы 1941-жылдын 4 мартында Илим комиссиясы тарабынан кабыл алынган) ушул маселени да айта кеткен. Ошого бир аз шилтеме жасай келип сөзүбүздү улоону туура таптык. Тоголок Молдонун айтымы боюнча да Балбай менен Ормондун чатагы жана Ормондун шейит кетиши, анын өлөр алдындагы сөзү, шарт, күндү Шамен чечсин дегени, Шамендин шарты. Мырзанын эжесинин кеткендеги жообу, Ормондун кызынын кошогу жана башкалар тууралуу туура жазылган.

Тоголок Молдонун санжырасы боюнча да Ормон атайын душмандык менен эмес, бир жок издеп домутуп келгендеги, жана жогоруда айтылган окуядагыдай келип, бар болгону Балбай аны аттантып жатканда бир айтым боюнча кыска найза менен эмчектин астына муштап койгон дейт, ал эми башка айтым боюнча өзү атказып жатып Балбай Ормондун бөйрөгүнө бычак мылгытып койгон делинет. Калган баян деле окшош келет. Анан Ормон өзүнүн күйөө баласы, Боромбайдын уулу Өмүрзактыкына, кызынын үйүнө түшүп калат. Кызына айтат:

— Балам, найза тийген жерди соруп кан токтотом деп убара болбо. Мен киши болбоймун. Балбай кара чунак жайлап салды окшойт. Сен Төрөгелдиге айт, Көлдү үч айлансын. Акылын Кутлук Сейиттин уулу Шамен тапсын, — дейт да көз жумат.

Ормондун сөөгү келген учурда уулу Уметаалы Атбашыда экен, Төрөгелди болсо Сары Өзөн Чүйдө жүргөн дедик. Ошондо Ормондун кызы кошкон кошокто да:

«— ...Атамды бугу сойгондо,
Төкөм төмөнкү Бишкек коргондо...» —

деп айтылганы негизги баяндын тактыгына далил.

Ал эми Шамендин талабы болсо кийин сан жылкылуу Солтонкул ортого түшүп жараштырууга аракеттенгенде айтылат.

Ал Шамен айткан үч шерт төмөнкүдөй:

1. Ормондун каны үчүн Боромбай, Балбай, Тилекмат, Мырза — ушул төртөөнү кармап бересиңер. Мууздайбыз.

2. Болбосо, бугулардан тандап туруп эң мыкты, сулуусунан бир жүз кыз бересиңер, жүз карабоз ат мингизип, бир жыл алып жүрүп бир жылдан соң жаманын кайра беребиз, жаккандарын алып калабыз.

3. Буга да чыдабасаңар Көлдү күнгөй-тескейи менен бошотуп берип өзүңөр Текеске, калмакка кирип кеткиле», — деген шарт кост.

Албетте, бул шартка бугу эли макул болбой акыры кармашка айланып кеткен. Бул Тоголок Молдонун кол жазмасындагы маалымат ушуну менен токтолот да кайра өз сөзүбүзгө өтө берели.

Кезитте жазылгандай Ормон чабуул коюп, айыл талап түшсүн — деши Ормондун кунун кууп баргандагы кийинки окуялар. Аны бул жерге жамаштырууга болбойт.

Ооба, эл оозунда айтылып жүргөндөй баатыр болбогон жерден эле кокустук кетирип колго түшүп, Стамдын кемпири менен мелдеше кетип кулагын кестирген. Балбай эзели калп айткан эмес экен.

Болбогон жерден кемпирге кезигип, өзүнүн Балбай экенин жашырды. Калп айткандыгы үчүн өзү ла өкүндү. Акыры таанылып калып, убада боюнча Стамдын кемпири «кыңырак» менен кулагын чунайта кесип алды. «Башка келген балээге, кулак-мурун садага» деп туруп берди. Айыбы ачылып калды. Бир нече баатыр жоокерлердин коштоосу менен ханга жеткиришти. Ормон бул оттой жалындап, эч нерседен тайманбаган баатырды мындан кийин өзүнө тең ата кылбас үчүн колундагы бийликке таянып орго салдырды. Хан атагы тургандыктан ал эгер Балбай баатыр болбой башка бирөө болсо аны даргага астырып да коймок. Ал анте албады. Балбайдын артында калдайган эл, оттон да кайра тартпаган,

жанындан анча коркуп койбогон баатыр жолдоштору бар экенин эске алды. «Жүрөгүн олтурөм» деген максат менен аны орго салдырып, үстүнө жаман кара алачык тиктирип салды. «Эрдин сырын-эр билет» Адыл баатыр Балбайды жакшы көрүүчү экен, жашырынып түн ичинде орго келип алдына төшөнчү, эт, кымыз, колдон тартылган арак берип турган дешет.

Көп узабай ханга тогуздан тартуу алып келип бугулар Балбайды ордон чыгартышты. Ормон байбичесинин үстүндө эле. Камчысын сүйрөй кирип, баатыр сыцар тизелеп олтуруп сөз укту. Хан опурулуп, кыр көрсөтө сүйлөдү. Эми экинчи жолу келип жылкы тийсе аны соо койбойм деп эскертти. Балбай аны суз, көңүлсүз, унчукпай укту. Чыгып бара жатканда босогону жемире басып чыкты.

— Карагылачы! — деди Ормондун байбичеси чый-мыйы чыгып, артын бир кылчайып карадыбы?

— Жок, — дешти эшикте жарданып тургандар.

— Ханым, тигил баатырды кайра чакырып, достош. Же кыз алып берип, сыйлап, аттап-тондоп узат.

— Ой ай,— Ормон кенебеди,— анын жүрөгү өлдү, экинчи мага батына албайт.

1854-жылы Ормон 300дөй киши менен аттанып чыгат. Максаты бугуга чабуул коюу эмес, жүйөлөшүп сүйлөшүү болгон. Биринчиден Чагалдагынын кунун дооламак, экинчиден барымтага кеткен сарыбагыштын, анын ичиндеги өзүнүн малын өндүрмөк. Эгер ага болбосо «чабамын» деп коркутмак. Күрмөнтүдөн өтүп барып бугулардын чегиндеги дөбөгө түшөт. Ал жерде жер менен жексен болуп, бирок кырка тизилген таштары гана калган байыркы усундардын калың мүрзөсү бар. Аны азыр эч бир адам «мүрзө» деп ойлобойт. Кийин ал жерге «түрк» доорундагы адамдардын сөөгү коюлуп, сиенит ташынан чегип жасалган колуна чыны кармаган адамдын эстелиги турган. Жанындагы долоного «мазар» дешип эл сыйынып, кызыл-тазыл чүпүрөктөр да байланган. Бугулар даярдык менен келишкен. Алардын турган жери эки суунун куйган жериндеги аралчада экен. Жоолашкан эки



эл саамга тирешип турушат. Бул тирешүү сөзсүз кан төгүүгө алып келерин Ормон да, сарыбагыштын айрым аксакал адамдары да түшүнгөн. Аңгыча кара барандын чаңырган үнү чыгат. Топто тургандардын бирөө аттан кулап түшөт.

— Адакей кара барандын үнү! Баягы Алыбек канкор го? — дешип кооптоно түшүшөт. Экинчи ок Ормондун карабоз атына тийет.

Ормон өзү локуйган чоң киши болгон экен, ал аттан башка ат көтөрүп жүрө алуучу эмес.

— Кокуй баатыр! Бекер келипбиз! Туугандарыныз сөзгө келүүчүдөй эмес. Аттын башын кайра буралы, — деп Ажыуулу Абыкан безилдеп жиберет. Кара келтенин үнү кайра чаңырат. Ошол кезде бугулар айкырык салып жалпы ат коюшуп калышат. Арт жакта да самсыган көп кол. Сарыбагыштар такаат кыла алышпай качып калышат. Ормонду мыкты деген бир атка мингизишет. Бул жерде Төрөгелди жок болуучу. Ал эч нерседен капарсыз Чүйдүн «Он бир жылгасында» хан Жантай менен канатташ турган. Аны Кенесары Норузбайдын чабуулуна да катыштырып жатышат. Бул өлөрүн билбеген өжөр киши ал кезде казактын колуна түшүп калып Иле тарапта туткунда болуучу. Мунун баары сарыбагыш санжырасында баяндалат.

Ормондор жапырылып кайра тартып келе жатышканда андан аттай бергенде минген атынын бели үзүлүп, очорулат.

— Кокуй менин атымды миниңиз, — деп Адыл Ак Сурду алдына тартат. Ага Ормон болбой коёт.

— Кокуй силерди өлтүрүп жиберишпесин! Мага карабай кеткиле! Мага тийе алышпас. Боронбай куда бар эмеспи деп моюбай коёт. Жанында жүздөй тандалма жигит ханга караашып туруп калышкан. Алар Ормон үчүн кылча жанын аяшмак эмес. Ормондун сөзүн кыя алышпай кылчакташып жолго түшүшөт. Улам кууп келген жоо менен «ит урушун» салышып кутулушат. Сарыбагыштан да, бугудан да бир топ кишилер чыгым болушат.

Ормонду тааныдыбы же жокпу, айтор соксоюп жөө олтурганда Адылдын досу Мырза төбөгө чаап өткөн экен. Борон-

бай баш болгон бир тобу келишип дөңгө олтуруп калышат. Куугундан кайтып Балбай баатыр келе жатыптыр. Жолдон Кылыч ага жолугуп: «Жөө чал» колго түштү деп сүйүнчүлөйт. Түрү суук болуп Балбайдын келе жатканын көрүп:

— Тигил түрү суук канкордун мага колу тийбесин! деген экен. Бирок Балбай жакындап келип:

— Кач, кач!—деп топту жара качырып келип Ормонду долоно саптуу кыска найза менен табырсыктын үстүнө коюп өтөт.

— Жедиң ит чунак! Катын бугу! — деп ичин басат.

Жылдыз толгондо күйөө баласы Өмүрзактын үйүндө каза болот. Ормон хандын өлүмүнүн чындыгы мына ушундай.

Ормондун сөөгүн кара буурага жүктөтүп жибергенде кадимки Сарт аке да аны чечмелеген. Кара буура үч жолу обдулуп турганын сарыбагыштар көлдү үч айлантып чабаарына жоруган. Жолдун оң тарабындагы чөптү бурдап жеп барганын элдин катуу жапаа чегерине жоруган.

Жогоруда да эскерттик, азыр да айта кетели. Ормон жаралангандан кийин Боронбайдын уулу, Ормондун күйөө баласы Өмүрзактыкына жеткирген. Кызы ыйлап атасынын үстүнөн чыккан жок. Үзүлөөр алдында:

— Балам! Бери кара. Ук айтканымы. Эртең сөөгүмү сен алып барасың! Төрөгелдиге айт, Адылга айт. Көлдү үч айлансын. Адыл досу Мырзаны жакын арада мага кошсун. Куу кулакка айт! Осолдугун таштасын. Бекер киши өлтүргөнүн койсун! — деп керээзин айтат.

Куу кулак демекчи ал Үмөтаалыны айтып жатат. Үмөтаалы мыкаачы адам болгон дешет.

Бугулар болгондо да хан атагы бар Ормонду өлтүрүштү. Сарыбагыштар сөзгө да, кепке да келишпестен кырчылдашкан кан төгүлүшкө барарын билишкен. Акылдуу Сарт аке сыяктуулар куп алгандан кийин да сарыбагыштар жөн жатпасын баамдашкан. Арага тымызын киши салып да көрүштү. Сарыбагыштар адам чыдагыс күн айтышты. Жалаң миңден тогузду айтышты. Анысы: Миң сулуу кыз, миң жамбы, миң төө жана ушул сыяктуулар. Анын үстүнө Балбай баш болгон он эки эрдин башы болду. Буга ким чыдамак

эле. Тамырын тартып көрүш үчүн жашыруун сүйлөшүп келиш үчүн бугунун аттуу-баштууларын жашыруун, баягы Тилекматты Калыгулга жиберишти. Эгер кокус Тилекматтын бугулар тарабынан келгенин билген жан болсо аны соо кетиришмек эмес. «Мейли барсын, өлсө да ошол кул өлсүн»— дешти Мураталы сыяктуу дөөгүрсүгөндөрү.

Калыгулдун айылы Кара-Кужурдун наркы түшө калышындагы Кара-Сазда эле. Бешим ченде бешенеси жарык, көзү оттой жанган, бешенесинен береке тамган, салам айтып кирип келген түсү ийги жигитке алик алып, башын көтөрүп олтурду. Олуя чалыш карыя кимдин келгенин билди.

— Кыдыр жылоолоп, бакыт кушу башыңа конуп, бешенеңе нерните түнөп турат балам! Бар бол! — деп бата кылды. Меймаңга кымыз сунулду. Тилекмат сөз козгоюн деп келе жатты эле аны Калыгул колун көтөрүп токтотуп койду. Кымыз кайра кайталангандан кийин Калыгул үй ичиндегилерге:

— Бул жигит менен менин сөзүм бар эле. Көп күндөн бери күтүп жаткам. Биздн ээн койгула деди. Бул акылман карыянын кокус бул жигиттин бугудан келгенин туюп калса, же үйдөгүлөр угуп бирөөлөргө айтып койсо Тилекматтын соо кетпесин билген. Кылычтап, этке, кымызга тоюп бекерликтен колдору кычышып турушкан зөөкүрлөр аз беле?

Карыя сүйлө дегендей белги берди.

— Ээр жарылса эптелет, кереге сөгүлсө көктөлөт. Жер жарылса сел менен толот. Агын суу ажыраткан эки жээк кантип биригет?

Карыя көпкө чейин тунжурап туруп:

— Ай, эптеп көпүрө тургузсак агыны катуу ылай аралашкан үйөрдүн жыйылып көл болуп турган күчтүү агымы теңтотпос. Үйөр суусуна такаат жок. Эки жээкти тең каптап тосмолорду кыйратып кетет. Алла таалам алааматтын жүзүн көрсөтпөсүн,— деди.

Сөз ошону менен токтоду .Бир уулун чакырып, наркы Тынымсейиттердин айылы тарапка жеткирип келүүсүн суранган. Бул купуя сүйлөшүүнү жан киши билбей калган.

Тобокелге бел байлашып Боронбай баш болгон бугунун мыктылары чогулуп, жоо менен беттешүүгө бел байлашты. Ортоңку топтун колун Балбай өзү башкарды. Тескей багытын Молдо, Күңгөй тарабындагы жоонун алдын Эр Өмүр тосмок болушту. Бирок, сарыбагыштар ал жылы эч нерсе болбогондой тынч жата берди.

Чабуул 1855-жылы теке айы жаңы жаңырганда башталды. Чаң асманга чыгып, самсыган сарыбагыштын көп колу Жуукунун суусунун сол жак өйүзүнө келип токтогонун кабарчылар кабарлашты. Бугунун колу жоонун алдын тосо жөнөштү. Сарыбагыштын колу суудан өтүп, жайыкка чыгып тизилишти. Алгачкы салгылаш ата расмиси боюнча жекеге чыгып салгылашуу.

Сарыбагыш тараптан жекеге Ажынын уулу Абыкан чыкты. Ар бир сайышкан эрге экиден такоол. Эми мунун майда-чүйдөсүнө чейин айтып олтурбайын. Бул салгылашууну «Алдаш молдонун казалында» толук баяндайт.

Эки тараптан тең эр өлүп, аягы аламан коюуга өттү. Жез сурнайлар эки жактан тең бапылдап, үрөйдү учуруп, добулбас күрсүлдөп кагылып, жылкынын кишенегени, адамдардын кыйкырыгы кулак тундуруп кырылышып жатып калышты. Кеч кирип, каш караганда бөлүнүштү. Аңгыча бугулардын айлынан чабарман келди. Көлдүн тескейин менен айланган көп сарыбагыштын колу ээн калган бугулардын айылын талап, кыз-келинин олжолоп кеткендиги анык болду. Ушунда Боронбайдын үй-бүлөөсү да колго түштү. Шашылыш ат тердетип келишкен бугунун колу өрттөнгөн үйлөрдү, чачылган буюмдарды, ар кай жерде жаткан күнөөсүз адамдардын өлүктөрүн көрүштү. Жол тосуп жүрүшкөн эки жүздөй сарыбагыштын колунан калган экен, баарынын башы чабылды. Бул айкалышууда сарыбагыштар көп олжого ээ болушту.

Экинчи чабуул ошол эле жылдын күзүндө болду. Балбай баатыр кабыргасынан кагынып, төшөктө жаткан. «Жоо келди» деген кабар айылга желдей тарады. Кым-куут болушуп үй чечишип, бугулар Текести көздөй салышты. Мураталы

сыяктуулар эчак жылкысын алдыга салган. Таламай, көчтү тоноо башталды. Башын жоолук менен бекем таңып Балбай чалабынан жутуп алып, жайдак ат минип жигиттери менен буктурмадан карап турду. Чырылдап-чыркыраган бала-чака, келин-кесек.

— Баатыр, сарыбагыштар аёосуз кырып келе жатышат! — деп бир жигит үрөйү учуп кызыл ала кан болуп келди. Баатыр кенеген жок. Талаңдыда калышкан көчтөрдүн абалын көрүп турушкандардын чыдамы чыңдап кетти. Аңгыча алды жагындагы көчкө жабылышкан сарыбагыштын жигиттери бир сулуу келинди олжоломок болушту. Бечара келин жоого түшүп берүүнү намыс көрүп, таймашып тиштегилеп жатты. Акыры айласы кетип, шайы ооганда:

— Оо, кокуй, кайда баатыр ахебиз,— дегени даана угулду.

— Ата, болбостур,— деп толкуган эл, «Балбай»! «Балбай!» — деп ураан тартып кыян суудай каптап жөнөштү.

Сарыбагыштар да эр жүрөк жигиттер, беттешүүгө бел байлашты. Жээрде ат минген неме баран мылтыгын сундуруп тын капталына ооду. Көк түтүн бур этип, ок ышкырып үстү-Балбайды мээледи. Жоо менен беттешүүрө мындай тамашаны Балбай көп жолу көргөн. Тигил машаасын ирмерде атнөн кетти. Бирок тигил баатырды сулаттым деп ойлоду. Жакын кирип келгенде Балбай найзасын шилтеди. Бөрү тил тигинин далысынан чыга түштү. Көчкө жабылгандар бат эле өлүм табышты. Туткундалгандар бүт бошотулду. Оңой олжо чздешкен сарыбагыштар эми айдаган малын, туткундагы кыз-келиндерин таштап качып жөнөштү. Адыл Мырзаны издеп жүрүп таап, аттан сайып түшүрүп, башын кесип канжыгага байлады. Бирок Балбайлар жан коёр эмес. Сарыбагыштар качып калышты. «Ачкөздүк, оңой табылган олжо» түптөрүнө жетти. «Бүлүнгөндөн үчү алба» — деп бекеринен айтылган эмес.

Качкындар удургуп Ичке-Булуңга келип такалышты. Көбү көлгө кирип чөгүп өлүштү. Алардын арасында Адыл ча бар эле «катын бугунун колунан өлгөнчө көлгө чөгүп өлөйүн» деп ак сурду камчылап көлгө кирди. Жаныбар Ак

Сур чыныгы тулпар белем, каздай сүзүп наркы өйүзгө өтүп кетти. Адыл: «Кел, катын бугу эр болсоң деп кылыч кезеди. Ак-Сур Солтонкулдун жылкысынын тукуму эле. Кайран атты душманга берип деп Балбай ачууланды. Ал жемени уккан Солтонкул көлгө кирип бир топ жерге чейин сүздүрүп кайра чыкты. «Менин жылкымын четинен кармасаң Ак-Сурдай тулпар табылат, а Адылдай баатыр кайда экен?»—деди.

Камалышып турган сарыбагыштын колуна келип:

«Саяктар четке чыксын» — деди. Өлбөй калабыз го деген үмүт менен көп киши бөлүндү. Балбай аралап алардын башын алмадай томолотту. — «Урушсак биз бугу-сарыбагыш бир атанын балдарыбыз, саяктарга эмне жок?!» — деди. Саяктардын кырылганын угуп ачууланып келген Алыбек:

— Бул эмне кылганың, баатыр? — дегенде:

— Саяк менен сагызганга убал жок! — деген экен.

Ошол каргашалуу 1855-жылы бугулар Музартта кыштап калышты. Кыш катуу болуп көлдүн жылуу шартына көнгөн мал бырчылдап өлүп жатты. Бир жагынан кызайлар, калмактар тынымсыз кол салып, жылкы тийип кетип жатышты. Балбай баатыр өз жан-жөкөрлөрү менен элди талоондон аман сактап калыш үчүн дайыма элдин четинде, жоонун бетинде болду. Кара башын канжыгага байлап, кай жерде адилетсиздик болсо ошол жерде болуп, жортуулчунун жолун тосту. Бирок жеринен ооган карапайым элдин абалы начарлоонун ичинде болду. Эгин тартыш, «табагы-тай, кочушукой» болуп турду. Ошого карабай мал айдап барышып, Текеске, Албан казактарына, Жалайырга барышып, эгин алып келишип, түтүнгө бөлүштүрүп, элди ачкалыктан сактап калууга катуу далалат кылышты. Анан калса ошол каргашалуу 1855-жылдын кышы да өчөшкөнсүп, катуу болду. Музартка кыштагандардын малы көтөрүм болуп, жазга жуук жутта катуу кырылды. Жаз чыккан соң жергиликтүү эл менен жайыт талашуу башталды. Шоорук бий баш болгон казак билермандары ачык каршылык көрсөтө башташты. Аларга берилген «От майы» аздык кылып, дагы мал талап кылышты.

Боронбай, Сарт аке, Тилекмат, Балбай, Мураталы, Качыбектер кеңешип: «мындай кыйынчылыктан кутулуш үчүн жана кайра өз жерине барыш үчүн оруска букара болуп берели деп чечишти.

Ошол максат менен 1856-жылы август айында элдин атынан кат жазышып Качыбекти Верный (азыркы Алматы) шаарында турган «Улуу жүз казагынын» приставы Перемельсенйге жиберишкен.

Ал катта:

«Улуу урматтуу төрө! Бизди ак падыша өзүнө букара кылып алсын. Биз сарыбагыштардан чабылып, жапаа чеккен элбиз. Каркырага көчүп келсек казак султандары Тезек, Саурук, Тазабектер биздн бул жерге жашатпайбыз деп жатышат. Каркыра биздин ата-бабадан калган жерибиз»,— деп, дагы бир топ өтүнүчтөрүн жазып, элден «парага» алтын акча жыйнап барышат. «Параны» көрүп «кудайдын итиндей» жулунган пристав жылуу жүз менен кабыл алып, уватып коюш үчүн хорунжуй Дутцевди кошуп берет. Ал Кегенге чейин келип, казак султандарына айтып, жер талашуу чатагын басып кетет. Андан ары Качыбектин аябай сурануусу боюнча Каркырага келет. Дутцевден бугулар сарыбагыштар менен жараштырып кетүүсүн суранат. Бугулар кайра келге көчүп келишет. Дутцев сарыбагыштарга киши жиберип Үмөтаалы менен Төрөгелдини чакыртат. Бирок алар орустардан коркуп өздөрү барышпай колунан эч нерсе келбеген 3—4 кембагалды жиберишет. Ошентип элдешүү болбой калат.

Бирок, макулдашып, дайыма бугулардын арасында болуш үчүн тилмеч Файзулла Ногаев дегенди таштап кетет.

Дутцев кетери менен сарыбагыштар кайрадан кол салат. Бугулар да буга шектенип, даяр турушкан экен эки жоо Сары-Булактан беттешет. Согуш катуу болуп, эки жактан тең эки миңден ашык киши өлөт. Ушул согушта Жанек баатыр Адылды өлтүрөт. Бугулар кайрадан Каркырадан нары көчө качышат.

Адыл зор, баатыр адам болгон. Ат үстүнөн эч кимге ал-

дырган эмес экен. Аны «Сур келтенин» огу сулатты.

«Ак күбө тонун жамынып,
Ак-Сурду минип чамынып,
Айкырыгын уккандар,
Акылынан жаңылып,
Асаба туусун жайганда,
Адыл чыкты майданга
Жанек баатыр ошондо,
Көк түтүнүн булатты,
Сур келте менен бир атты,
Ак сур аттын үстүнөн
Адыл эрди сулатты» — деген казал ушуга

убакка чейин эл оозунда айтылууда.

Баса Адыл Мырзанын башын кесип келип Надыр чалга берет. Надыр чал колго түшүп келген Мырзанын карындашы Алтынайга үйлөнгөн эле. Мырзанын башын алып келип:

— Ой, Алтынай! Бери чык,— деп чакырат. Үйдөн чыгып келген Алтынайдын алдына агасынын башын таштап:

— Мына бул башты тааныдыңбы? Бул эрдигиме эмне бересиң? — деген экен. Алтынай кашкая карап:

— Ий, тааныдым! Он эки айры бугубу десем, чагырчыгы тура! Аныи эмнесине мактанасың? Ормонуң хан башы менен барып кара атанга жүктөлүп келди эле, аны унуткан экенсиңер! Эрдигиңди Үмөтаалың менен Төрөгелдиге айт. Эби келсе, эрдигиңди билсе сүйүнчүңө энелерин берер! —деп басып кеткен экен. «Бул шерменде бизди сөзгө жыкты» — дешип Алтынайды Үмөтаалы кыйнап өлтүргөн экен.

Ошентип кайра Текес тарапка көчүп барышкан бугулар дагы ачкалыктан азап чегишет. Орустар болсо канатына калкалап кала алышкан жок. Эмики айла кытай башкаруучуларына карап беришсе, балким алар черүү берип, сарыбагыштар тийип кеткен малы-жанын кайрып алабызбы деген ойдо болушту. Ошондуктан эми кат жазышып Кулжага Тилекматты жиберишти. Ал кезде кытайлар өзүлөрү «апийим» согушунан алсырап, Англия, Америка, Франция мамлекеттеринин талоонунда калып жаткан кез эле. 1857-жылы Чохан

Валиханов келгенде Боронбай Каркырада, Балбай Текесте болучу. Көп узабай Боронбай дүйнөдөн кайтты. Анын ашы берилип жатканда тууган арасында чатак болду.

Мурунтан эле Белек тукуму менен Кыдык тукумунун ортосунда тең аталык тартыш, таарыныч-кек бар эле. Аш учурунда таарынган кыдык Самсалы бийдин жигиттери жылкы тийишти. Жуукуну ашып сыртты көздөй бара жатышканда акмалап жүрүшкөн Төрөгөлдү менен Үмөтаалы көчтүн алды-артын тосушуп, элди кырып салышты. Муну ошол кезде кыргыз жергесинин байлыктарына көз артып жер чении алып жүргөн Семенов-Тянь-Шаньский Жуукуну ашып келип, кырылган элдин өлүктөрүн өз көздөрү менен көргөн. 1858-жылы бугулар кайрадан кол салышты. Үч Каркыра Көк-Дөбө деген жерден атына ок тийип бир бутун баса жыгылгандыктан буту сынып Төрөгелди баатыр колго түштү.

— Ийс, баатыйі! Кандайсың? — деди Төрөгелдинин жүрөгүнө болот учтуу найза такаган Балбай ого бетер чулдурун атайылап күчөтө сүйлөп.

— Ушнитип, жүз көйүшө туйган дагы күн болот экен го?

— Атты атпай жөнөкөй беттешпейсиңби? Катындыгына кетип...

— Сени менен деги ким даап беттешет, — деди Молдо баатыр. Балбай ага акырая карады эле артка кетенчиктеп кетти.

— Баатыйды атказгыла! — деди Балбай.

Жоо жарагын сууруп алышып, көйнөк-дамбалчан кылып, эки колун артына кайрып, бекем байлап, арык тору кунанга жайдак тетири каратып мингизишти.

— Баатыйга өйгө тиктийгиле! — деп бир жигитти чаптырды. Көөдөк баатыр өлөөрүн билбей чокко да кирип баруучу. Аны булкунта коштоп жүрүүчү Абыкан баатыр жок. Ак Сурга камчы уруп, сыр найзасын сундурган Адыл жок. Атагы чыккан кыйын баатырлар, өзүнүн уялаштары Нарбото, Шерботолор жок. Айланасындагылар ырайым кылчу түрү жок. Сынган буту шалактап бара жатты. Соңкулдай баскан арык кунан бели майышып араң барат.

Тамтыгы кеткен кара алачык тигилген экен, Төрөгелдини ошого киргизишти. Астына сууга чыкталган, үстүнө майда кум эленген жалаңкат кийиз салыныптыр.

— Баатый, капа болбой ушунда жайгаш! — деп Балбай сыртка чыгып кетти. Жанында дайындаган бир жигит калды. Ал күнү тамак берген жок. Жатаарда ыш жыттанган эски түндүк жабууну беришти. Эртең менен баягы караган жигит суу кошулган кымыз-чалап көтөрүп келди. Үч күндөн бери буту таңылбай сынык күлчүйүп шишип чыкты.

Ичтерине ыйман жаагандбы, айтор бирөө келип үч көндөн кийин бутун шакшактап таңып салды. Мурункуга караганда жаны жай алып калды, кечинде көк жашык арык кой союп, этин чала бышырып алып келишти. Зор денелүү Төрөгелди баатыр шимилдип арыктады.

Буту да айыгайын деп калса керек эле. Бир күнү эртең менен Балбай эки үч жигити менен келди. Бирөө Нарындагы Тынымсейиттерден экен.

— Ой аба, бул канкорду убараланып бакпай эле өлтүрүп салбайсыңбы? — деп калды.

— Оххо, баатый бут каптти? — көтөрүп таштап койду эле, жаңы камдашып келе жаткан бут кайра «корс» сынды.

— Баатыйды эшикке алып чыккыла! Бою сейгисин!

Эки жулунган жигит дыргайактата алып жөнөштү. Үйдөн нараак турган обочодогу чоң кара ташка алып барып жөлөштү. Кара бараңын октоп, Балбай шыкаалай баштады. Ал бутун кайра сындырганда да бир кыңк этпегенге ыза болду. Башка адам болгондо кокуйламак. Мылтык сундуруп шыкаалаганда «жан соогаламак».

— Кара бараң «тарс» этип түтүн булатты, Төрөгелди ордунан селт этип да койгон жок.

— Кайачы,— деди Балбай, түбүбүз бий, атанын балдайы экенибизди байяң билип, огу тийбей жатканын кайачы? Баатыйды өйгөөсүнө алып байып сыйлагыла! — деди.

Айрым санжырачылардын айтымына караганда Төрөгелдини Балбай үч жылга жакын алып жүргөн дешет. Бутун үч жолу сындырат. Көчкөндө көк букага токуп туруп коюш-

чу экен. Качан гана үй тигилип, эл жайлангандан кийин түшүрүп алып атайын тигилген жыртык кара алачыкка киргизишкен. Ага чейин бука күл челип, өкүрүп, үйга секирип, далай алакеттен өткөргөн. Муунтугу жок неме карагандуу-таларды, чычырканак аралап, баатырдын бети-колу тытылган.

Төрөгелди колго түшкөндөн кийин эле кайра көчүп келишкен. Сарыбагышта шамыян кайтара турган киши да калган эмес. Мыкты баатырлардын баары жаздым болушкан. Жада калса Төрөгелдини сурап, Балбайга даап бара алышкан эмес. Баргандар кайра тирүү келбеген. Эки бир тууган элдин ортосу ушинтип бөлүнгөн.

Барымтага кеткен малды акырындык менен кайра тийип алып, Балбайлар үстөмдүгүн көрсөтө баштаган.

Үмөтаалы болсо мыкаачылык менен киши өлтүрүүдөн башканы билбеген. Кежирлиги менен Нарын тарапта көчүп жүрө берген.

Төрөгелдинин өлүү-тирүүсүн билиш үчүн жана тогуздаган тартуу тартып тирүү болсо алып келиш үчүн калыс элди издешкен. Мындай калыс эл солтолор эле. Сарыбагыштын аттуу-баштуулары тартуу менен келишип, Байтик баатырга кайрылышкан. Өткөн-кеткен сөздөрдү сүйлөшүп олтурушуп

— Бир атадан тараган Тагайдын балдары элек. Силер эки жакка тең карап, калыстыктан тайган жоксуңар. Тартуу тартып барып Төрөгелди баатырды бошотуп бергиле деген масале коюшат.

Буга маакул болушуп, аксакалдардын кеңеши боюнча акыры 24 жаштагы Шоорук бийди жөнөтүшөт. Ал жана жолжолдоштору менен тогуздалган тартуу алып, күндүз бугулардын «кайгуулчуларына» көрүнбөй көл жээгиндеги токойго бекинип, түнкүсүн жол жүрүп олтуруп, Солтонкулдукуна аран жетишет. Балбай баатырга түз барып жолугуудан чочулашат. Акыры аттуу-баштуу адамдардын жардамы менен барып Балбайга жолугушат.

Көпчүлүк кепке сөзгө келтирип Төрөгелди баатырды акыры бошотуп бермек болот. Ал күнү тай союп Шооруктү Тө-

рөгелди менен бирге коноктойт. Баатырдын шайы ооп, арыктап, көзү чүңүрөйүп, нары кирип, ачыгып калган эле. Чарадагы тайдын этин бүт жеп койгон эле. Экөөнү бир үйгө чогуу жаткызгандан кийин Шоорук сыр сурады.

— Баатыр! Эмне сый, эмне кордук көрдүң?

Төрөгелди бир топко чейин мукактанып туруп:

— Эмнесин сурайсың! Буларда адамдык касиет жок экен деди. Мен ушуну менен үч жерге колго түштүм. Биринчиси Кокон ханына, экинчиси казактарга. Бирок алардын баары бир тең, булардын көргөн кордук өзгөчө болду. Жаткан жерим кара алачык, суу аралаш кум төгүлгөн жаман кийиз алдымда төшөлдү. Жамынганым жаман түндүк жабуу. Үч жолу айыгып калган бутту сындырды. Кудай аман коюп, ушул тозоктон кутулсам ай айлантып, жыл тегерентпей өчүмдү алам, — деди обдулуп.

Бирок жана бугунун ак сакал, көк сакалдары менен Шоорук сүйлөшкөндө Төрөгелди экинчи жолу кол баштап келип бугуларга кол салбайт дешип касам ичип, кол кармашылган. Арага Шоорук кепил болгон. Баатырдын тигиндей сөзүн угуп Шооруктун бүткөн бою дүркүрөдү. Өзүнүн элчи болуп келгендигине өкүндү. Акыл токтотуп:

— Баатыр,— деди үнү каргылданып. Мен сөз берип, кол кармашып касам ичип койдум. Эгер сиздин андай «өч алуу жөнүндө арам оюнуз болсо анда булар бизди бул жерден соо кетиришпейт. Жаманчылыктын арты-жаманчылык. Бир топ жылдан бери кек сакташып кан төгүлдү. Солто эли ага катышпаса да кабардар болуп турду. Эми да кайрадан далай адамдын канына забун болгону жатабыз.

Экөө түн ортосу ооганга чейин сүйлөшүп жатып, Шоорук Төрөгелдини экинчи кайра бугуларга каршы аттанбай тургандай кылып убадасын алды.

Шоорук менен жана бугунун аксакалдары акылдашып сүйлөшкөндө Сарт акенин: — «Бул капкандагы карышкырдын жөн тынчып жатып калаарында менин шегим бар» — деген сөзү туура чыкканына таң калды.

Эртең менен туткунду да элчилерди да Балбай баатырдын

чоң ак өргөөсүнө алып келишти. Төрөгелдиге жаңы кийим кийгизишип, төргө олтургузушту. Кымыз ичилип, эт желди. Балбай Төрөгелдиге:

— Кана баатыр! Болгон ич күптүңдү жалтактабай ушул жерде айт, — деп, сылык өтүнүчүн билдирди. Төрөгелди да тартынган жок, ашата сөгүп, болгон ызасын ошол жерден чыгарды. Айнып, бошотпой коёбу деп тартынган жок. Бата кылынып, далай жерге чейин Балбай өзү узатып келди. Коштошуп жатып:

— Эми ушул чектен бери өтсөң тирүү калбайсың! Эр болсоң келип көр! Мына бул найза жүрөгүңдү жарып, аркандан чыгат, — деп колун бек кармап, коштошту. Бир тон бастырып баргандан кийин:

— Бул адам эмес экен,— деди Төрөгелди. Карачы колумду,— деп каны качып бири бирине батташып калган манжаларын көрсөттү.

Тарых инсанындагы адамдарды бирин жамандап, бирин мактоого акыбыз жок. Элден жыйнап алгандарыбызды электен өткөрүп, таразалап анан кайра ошол элдин өзүнө тартуулаганыбыз оң. Чындыгында Балбай да, Төрөгелди да бири-нен-бири калышпаган мыкты эр жүрөк баатыр адамдар болушкан. Санжырада айрымдар ар кандай кылып өз билгендерин айтып жүрүшөт.

Чындыгында бул туура эмес болсо керек. Төрөгелдини бошотуп коё берерде Балбай:

— Маакул! Мен муну тирүү коё берейин. Бирок, бул айбаныңар эртең кол курап келип тынч жаткан айылды чаап, алсыз бечераларды өлтүрбөсүнө көзүңөр жетсби? — деп купулдөгөн. Мындайлар мага, Эр Өмүргө, Жанекке жолукпай. жолукпоочуга жолугуп, карапайым журттун шорун катырат!

Шоорук бий сөзгө келтирип Төрөгелдини касам ичип, анттшып, ак батага коюшуп жатып араң бошоткон. Эгер чабуул коюп кайра келсең ак батанын каргышына каласың,— деп эскертишкен. Карышкырдай кайраткер эр неме башка бир себептен эмес, ошол ак батадан, берген убададан тайыбай өз сөзүндө турган. Ошону үчүн кайтып барып бугуларды

чапкан эмес. Эгер ак бата менен ант болбогондо «өлөөрүн билбеген эр неме» сөзсүз кайра барып өч алуусу да ыктымал эле.

— Ийе аба, бул канкорду эмне кармап олтурабыз? Нары жакка тындым кылып койбойсузбу? — деген тынымсейит уруусунан чыккан кишинин Балбай буту сынган Төрөгелдини чоң ташка жөлөп коюп, «шакаба» кылып кур дүрмөт менен аткылап жаткандагы сөзүн кектеп калып, кийин туткундан бошоп баргандан кийин тынымсейитти аябай чапканын кадимки Буйлаштын уулу Арстанбектин ырынан билебиз.

«Көк өгүзгө таңылып,
Көрүнө шорго малынып,
Көк жал баатыр Балбайда,
Көп жылы жаттың зарыгып.
Көпсөр чал сага кудай бар,
Көптүн го кайра чамынып!
Унутуп калган экенсиң,
Мусаапыр болгон кезиңди.
Аябай жетим-жесирди.
Ак бата урсун жөө чалым,
Аябай кылдың кесирди.
Как баш чал сага кудай бар,
Карартсын кудай бетиңди.

Бул таш жүрөк баатыр аёо дегенди билбесе керек. Арстанбек бекеринен сыздап ырдабаган чыгаар. Сөз жалаң Балбай жөнүндө болуп жанкандыктан бул жерге Төрөгелдини айтпай кетсек да болмок. Анткени ал жөнүндө атайын баяндалып берилет. Анын да бир топ эрдиктери болгон.

«Ормондун өлүмү», «Төрөгелдинин колго түшүшү» жөнүндө сөз болуп жаткандыктан бул эпизодду кошууга аргасыз болдук. «Эмне үчүн Төрөгелди кайра барып өч албады экен? Же коркуп калганбы? — дегендей элдин суроосуна жооп бериш үчүн гана эскере кеттик.

Адыры алма, коктусу короо, беттери бетеге жамынган аскалуу өрөөндөрү арча жыттанган Ала-Тоонун койну ошол кезде өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө да абдан

бай эле. Аркары адырда жайылып, кулжасы кумайлуу бетте ойноп, тектирин теке мекендеп турган учур экен. Айланайын кыргыз жергеси жалаң ырыскыдан бүткөн жер белең? «Жерге келет бир кезек, элге келет бир кезек» — деп карыялар айткандай деги карап олтурсаң табыйгы жаратылышта да оош кыйыштар болуп турган тура.

Балбай баатыр Токтогул уулу Жолдошказынын айтымында жамактатып ырдаган, тили бир аз чулдурураак, мергенчиликти да жакшы көргөн адам болгон дешип айтып жүрүшөт. Атасы Эшкожо ит агытып, куш салган чоң мерген адам боолгон эмеспи. Ал кесип атадан мурас катары калса керек.

Баатыр жолдоштору менен бир чети «кайгуулдап» чыкса, бир чети тамаша кылып кийикке чыгуучу дешет. Бир жолу Шор-Төрдүн белин ашып, Текес тараптагы «Ала-Айгырдын» ичине түшүшөт. Баатырдын жанында ошол кезде күчке толуп атагы чыгып калган Кончой мерген бар экен. Ал:

— Баатыр ушул жерде Жолборс боло турган эле деп эскерет. Бирөө тигил «Дерментини», бирөө ушул «Ала-Айгырдын» Балык-Суу токойун мекендейт. Кол салбасын. Сак бастыралы, — дегенде:

— Ийе Кончой баатыр! Иттен да киши коркобу? Куралжарак колдо турбайбы, — дейт да бастырып кете беришет. Кончой мерген жаңылган эмес экен. Кара чаар чоң жолборс комдонуп жолдун таманында жаткан экен.

Алдыңкы аттар сезишип, жыт алышып, ичтерин тартып, тура калышып сийип жиберишет. Жылкы баласынын адаты. Зор коркунучтуу айбандарды көргөндө ошентет. Жолборсту мергендер да көрүшөт. Ийрилип токтоло калышып, баран мылтыктарын алышып, милтеге от коюуга ашыгышат.

Балбай баатыр колун көтөрүп тигилерге белги берет. Колунда табылгы саптуу жоон камчы. Чепкенди чечип салып кемселчен болот.

— Кокуй баатыр! Жинди болгонсуңбу? Көрүнө өлүмгө барып. Балбай унчукпай кисесинен аачып тазалаган уукоргошундун түбүнөн бир кесип оозуна салат. Жаак эттери түй-

үлүп, көзү оттой жанып, тике жолборсту көздөй жөө басат. Баары бир атчан бара алмак эмес. Корккон ат жолборс аркырап асылганда үркүп кырсыкка учуроого себепчи болмок.

Таш жүрөк баатыр таймандай тике басат. Же бир жарак алып, же көк союл алып алса боло? Азуулуу жырткыч менен жөө кармашканы жүрөбү? Эрчий келген мергендердин тула бойлору дүркүрөп, жүрөктөрү түрсүлдөп согуп, окуянын эмне менен бүтөөрүн баамдай алышпай, кан тепкен беттери чыңалып, кулактары чыңылдап коркуп турушат.

Илгери деги эле кыргыз жергесинде жолборс көп болгонун айтышат. Жер ээн болуп, ар түрлүү айбанаттар да улуу тоолордо мол болгон экен. Эл арасында жолборс чапкан баатырларды даңаза кылып көп айтышат. Ар бир окуя өзүлөрүнчө кызыктуу.

Кадимки Жагоо бийдин кызы Жаңыл мырза ашкан баатыр, көзгө атар мерген болгон экен. Жоого намыс бербей, беттешкенин мертинтип, алышканын айрылгыс шорго малынткан. Ал жөнүндө эл оозунда:

«Куш учурбас мерген кыз,
Кулжаны тоодон терген кыз!
Кармашам деген баатырдын,
Катыгын колго берген кыз!» —

деген даңазалуу ырлар ушул убакка чейин эл оозунда сакталып келе жатат.

Жаңыл колго түшүп туткундалып жатканда Кыройттун камышы ченде бир жолборс пайда болот. Малды жара тартып, өйдө-ылдый өткөн адамдарга да кол салып, эл ичине чоң коркунуч туудурат. Анын барыдан да кишиге кол салышы жаман эле. Жаңыл кыз кезинен эле мергенчилик кылып, ыгы келе калганда жолборско да уу кылчу экен.

«Колуна курал берсек кокус бирибизди майып кылып качып кетет», — деп шектенишкендер жөн эле алып барып жолборско салмак болушат. Жаңыл аны эшитип, колуна төш жарыдай жыгач, бир аркан берүүсүн суранат. Бул окуя Үчүке, Түлкү, Атакозу, Чабак, Үлбүрчөк, Бургуй деген баатырлардын «Жаңылды алабыз» дешип барышып жылкы

тийип келишип Керег Таштын (Бул жер азыр китай тарапта) алдынан өлүмгө учурагандан кийин болгон деген кабар айтылат.

Колуна кыл аркан ороп барып, «аар!» — этип асылган жолборстун оозуна аркан оролгон колду тосо коюп башка чаап салганын айтып жүрүшөт.

Ошондой эле Чүйдөгү Жайыл баатырдын Асан, Үсөн деген эки баласы укуруктап бир жолборсту айылга чейин алып келгени даңазаланат. Көз тийбесин деген атасы ошондо:

— Ой, ага эмне таңыркайсыңар? Эки ит бир итти жетелеп келиптир! — деп жымсалдамыш болуптур.

Жумгалдык Итэмгендин тукумунан чыккан Түлкү баатырдын жолборс чапканы даңазаланат. Көкөмерендин боюнан Балбак баатыр да жалаң булдурсун камчы менен барып, жолборстун башын жара чаап салганы айтылат.

Ооба, мындай «ажал менен ойногон» баатырлар жалпы эле кыргыз арасында көп болгон. Дегинкисин айтканда жолборско ким даап бара алат? Малдын дөөсү төөнү бир чапчуу менен ала салдырып жүргөн айбанаттар паашасы аталган жырткычка эр азаматтын көк жалы гана чыга алат.

Ошондо Балбай баатыр аярлай басып, эки көзүн ирмебей кызыл чаар жолборско жакындайт. Жолборс да күркүрөп, куйругун чагарактатып адам баласынын оттой чагылган шумдуктуу сыйкыр кереметн арбап турган эки көзүнөн жалтанбай кыжырланып капчыгайды жаңырта өкүрүп ордунан турат. Балбай баатыр жолборсту «качып кетпегей эле», — деп шашыптыр. Өзөгүнө коргошун чөгөрүп, жылаан боор кылып майда өрүлгөн жоон тобулгу саптуу булдурсун камчыны кыса кармап оңтойлоно ыктап бет ала басыптыр. Баса, айрым беттешүүдө көк союл менен найзага каршы ушул эле булдурсун камчы менен чыккан учурлар да болгон дешет. Далдап найза шилтегенде аттын капталына өбөктөй калып, жоосун талуу жерге далдап чаап атынан ажыратчу экен. Жылкы тийгенде, жылкычыларды акырын гана тизе-

ге, же карыга чаап түшүрүп, адам өмүрүнө зыян кылбаска аракет кылуучу дешет. Анда-санда гана:

— Ата болбостур! Колум ысып калды. Катуу чаап койдумбу? — деп кейигенин жолдоштору көп уккан.

Эшик төрдөй калганда жолборс жонун түйүп секирүүгө камынат. Балбай тык токтоду. Көз өлчөм менен аралыкты аныктап камчы шилтей турган аралыкты эсептеди. Кокус жаза чапса иш чатак. Жалтанып, көздү ирмөө өлүм! Көздү жоонун найза саярында да ирмебес керек. Баатыр түйүлүп секирип келе жаткан жолборско өз убагында камчы шилтеди. Жырткыч баатырга жетип-жетпей ала салды. Мурдунан кан кетип, арткы сол бутун эки, үч жолу серпип жан берди.

— Ой айланайын баатыр! Алла таалам жар болсун! «Ак сары башылын азыр», — дешип чуркурап жиберишти. Мергендер өрөөнгө үй (жолбун үй) тиктиришип, Чагырдын тоосунан аркар-кулжа, эчки-теке атышып, көп олжо менен айылга кайтышкан.

Балбай баатыр балык кармаганды да жакшы көргөн. Сарыбагыш менен бугу элинин чатагында Текеске кыштаган элдин малын жут алып, ачкачылык алкымдап турганда айылдарды кыдырып, балык кармап жан багууга үйрөткөнүн айтышат. Суудагы «Көк чаар» деп аталган семиз балыкты эл «Балбайдын балыгы» деп аташканын эмдигиче айтып жүрүшөт.

Бир айгыр үйрү жылкы берип казактан «Жез билек» деген бир тайганды алып келген экен. Аны күчүк кезинен багат. Бир жолу Туюктун төрүнөн тайганы экөөнө топ карышкыр жолугат. Күз болуп карышкырлардын үйгүшө баштаган мезгили болсо керек. Андай учурда карышкырлар эч нерседен жалтанбайт дешет. Жолунан кезиккендерди талап жеп кете беришет дешет. Тайганды бекем байлап коюп, өңүп барып беш-алты дөбөттү ыргыта атат. Жез билек такыр жулунуп, кыңшылап болбогондон кийин агытып жиберет. Кайра өзү чочулап, агытканына өкүнүп олтурат. Тоо арасында бат эле каш карайып түн кирип кетет. Эртең мекен тайганын утурлап атганып чыгат. Кокту сайын толорсу-

гу кыркылып, алдыңкы эки буту менен жылган карышкырларды көрүп олтурат. Бир чети кубанып, бир чети «тайганым аман болгой эле» деп чочулап барат. Тайган бир жерде шоңшоюп олтурган экен, ээсин көрүп улуп жиберет. Жанында өлгөн карышкырдын килейген чоң көк дөбөтү жатканын көрөт...

Балбайдын боз кушу болгон экен дешет. Кекилик-чил, өрдөк-чүрөктү көп алдырганын айтышат. Баатыр санжыргалуу мыкты адам болгон.



Эл арасында ооздон-оозго айтылып жүрүп, Балбай баатырдын көптөгөн эрдиктери өзгөрүлүп, кээси легандага айланып кеткен. Токтогулов Жолдошказы сыяктуу айрым санжырачылардын айтымына караганда энеси Айжандын колдогону жылаан имиш. Дайыма мүйүздүү ак жылан байбиченин этегинин алдында жатуучу дешет. Баатырды да энеси ошол жылаандын уусу менен оозанткан имиш. Ошондуктан Балбай согушка киреpде же айрым учурларда уу коргошундун түбүн (тамырын) чайнап жүрүүчү дешет. Чындыгында уу коргошундун түбү аябагандай күчтүү уулардын бири. Жөнөкөй, көнбөгөн киши чайнаса сөзсүз өлүмгө учурашы ыктымал.

Бул жөнүндө санжырачы Султан уулу Бекалыга айтып берсем ал кишинин мындай маалыматты угуп алып төгүнгө чыгарганы күнү бүгүнкүдөй эсимде.

«Кокуй бул жолбун сөз. Энесинин колдогону жылаан болсо болгондур. Баатырдын коёнчук оорусу болгон дешет. Ошол оорусуна дарыгер аз-аздап уу коргошун берип жүрүп, ага көнүп калып ошондон уу коргошун чайнап калган», — деп түшүндүрдү. Баса аны ким билсин? Леганда кылып баш-

кача айтып жүрүшкөндөр да бар.

Баатырлардагы негизги бир адат алар жөнөкөй адамдардай тынч турмушта көпкө чыдап тура алышкан эмес. Бук болуп кетишкен. Ошондуктан эл оозунда: «Ат семирип-нык болуп, эр семирип-бук болуп» — деген сөздөр калган. Ал түгүл арыстан МАНАС да:

«Жан казан ашын сагындык,
Жай билбеген катынга,
Жакшы эле жатып багындык.
Бугу атып буктайлык
Талаага көнгөн кайран жан,
Буту-кол чечпей уктайлык»,

деп талааны эңсеген.

Мындай өзгөчөлүк Балбай баатырда да болгон дешет. Бул боюнча Иса уулу Абдылкары бир кызык окуяны эскерет.

Салбырындан кайтып келген бир топ күн үйдө болуп калды дейт. Өзүнчө эле бук болуп туталанып жүрүп, бир күнү кечинде жалгыз атланып кетиптир. Кийин бир айдан кийин келип кеп уруп бергенин эл угушкан экен. «Кайдагы балее болсо да жолугайын» дедим эле дейт.

Баатыр сур айгыры менен жер кезип казак талаасына чыгып кетет. Ага жолоочуну тоногон каракчылар да, мал уурдаган уурулар да, жылкы тийген жортуулчулар да жолукпай бук кылат.

Бир бөксө тоонун алдынан жалгыз аяк жол кетет экен дейт. Жамгыр жаап өтүп жол баткак. Караса бир из жатат. Болгондо да бир дөөнүн изи. Кудайды карабагандай чоң. Түшө калып өз изин салыштырса тигинин жартысынан да келбейт. Капырай деп таң калып калат. Андан ары бара түшсө бир жоон тал, омурулуп, бирок жулунбай калган. Таң калып изди кууп бастыра берет. Аңгыча күн батып, күүгүм кирип калган экен, жолдун четинде алачыктай бир чоң жигит от жагып олтурган имиш. Балбай баатыр аны теңине албайт. Сөздү тиги дөө жигит баштайт.

— Карагым сен кыргыздын Балбай баатыры болуп жүрбө?

Түсинмде аян берип еди гой! Менин атам жолундагы шынарды жулсаң дуспаныңды жеңесиң деп еди. Аны түбү менен жула алмадым...

Мен жок кезде калмактын Чежим дөөсү, элимди чаап колуктуму алып кетиптир. Чежим өзүнчө бир өрөөндө жашайт деп уктум! Элимдин-жеримдин намысын кууп келе жатам» деди. Атам чынарды түбү менен жула албасаң кайра кел деди эле» деп казак баатыр сөзүн аяктайт. Анда Балбай:

— Мен сизди Абылай хандын тушундагы «Каманбай баатыр» десем, башка белең? Эми жүрү канча балее болсо да чогуу көрөлү! — дептир.

Абылай хандын чабуулун, Чүйдүн «Кыз туубас» деген жериндеги салгылашууну. Тайатасы Атаке баатыр менен Каманбайдын сегиз жолу беттешип найзалашканын эл оозунан, энеси Айжандан көп жолу уккан. Эрдин куну, эрегиштин ачуусу нечак бүткөн. Кечээ эле казак боордоштор менен бирге сырттан басып киришкен жонгорлор менен биригип салгылашып «Аңыракайда» алардын аскерин талкалашпады беле!

Эми эки баатыр Чежимге жалтанбай эле барышат. Эртеси күүгүм ченде Чежимдин айлына келишет. Каманбай обочо калып, Балбай айыл аралап, иттерин абалатып Чежимди жекеге чакырат. Тууралжынынан келген чоң калмак чоюн башын көтөрө чуркайт. Аттуу жөөлүү болуп эле чогулуп, калмактар өзүлөрүнчө кажылдашууда.

— Баатыр! Жол меники,— деди Каманбай. Эки дөө тоорушуп чоюн баштарын көтөрүштү. Салгылашуу чай кайнамга созулуп экөөнүн тең чоюнбаштарынын сабы колдорунда калды. Эми жулкушуп, кармаш башталды. Күч бирдей сыяктанат. Таймашып, көрүнгөн жерлерин үзүшүп, «Өмүр эмес, өлүм үчүн» — күрөш жүрүп жатты. Ай сүттөй жарык. Кармашып жаткандарга эч кимди жолотпой Балбай тосуп жүрөт. Бир маалда:

— Көтөр Каманбай баатыр! — деп Чежимди жон талаштыра камчы менен чаап өттү. Чежим чөгөлөй калды. Шерденген Каманбай калмактын төшүнө минип, мүйүз саптуу

канжаарын жүрөккө малды. Калмак эки оодарылып барып, кулачы жайылып жатып калды. Чогулгандар жайыла качып, айыл чуру-чуу түшүп, чакчелекейи чыкты.

— Саулем! — деп буркурап ыйлаган Каманбайдын келинчеги мойнуна асылды. Айыл ичинен эки баатырга шамыян кайтаргандар болгон жок. Таң агара баштаганда калмакка алдырган малын алып, келинчегин тору жоргого мингизип, өзү жоого алдырган кула атын минип жолго чыгышты. Эртелеп казак жерине кирип кетиш керек. Түн бою кабарлашкан калмактар сөзсүз кууп келиш керек. Ар кайсы өрөөндөрдө жатышкан капарсыз калмактар түшкө жакын чогулушуп, кууп жөнөштү.

Балбайлар да бир топ узап, казак жерине келип калышкан экен да ошентип кутулуп кетишкен экен...

Бир жолу Муратаалы эки айгыр үйүрлүү жылкысын алдырып жибериптир. Ал кезде бугудан жылкы жоголсо Адыл менен Төрөгелдиден, Сарыбагыштан жылкы жоголсо Балбайдан көрүшчү. Мураталы Балбайга киши чаптырып:

— Жылкыны алдырдык. Аны Адыл менен эле Төрөгелди алды. Барып көзүн таанысаң жылкыны алып кел. Болбосо ошондой эле жылкы тийип кел деп тапшырат. Бук болуп турган баатыр камданып жортуулга жөнөйт.

Кийин орустардын колонизатордук саясаты улам күчөп, барган сайын элди кысып келе берген соң кыргыздардын айрым жерлеринен аларга каршы күрөш башталып, эркиндигин баарыдан жогору коюп, эч качан башкаларга көз каранды болууну каалабаган калк арасынан катуу каршылык көрсөтүүчүлөр чыккан.

Кыргыздын ошол кездеги Балбай сыяктуу баатырлары жигиттери менен орус отряддарына каршы аттанышкан. Мындай болгон соң жанжал күчөп, кандуу кагылышка айланган. Акыры орустар Балбай баатырды баш кылып кыргыздардын бир тобун кармап кетишкен. Баатырдын жат колуна түшүшү тууралуу да бир топ аңгеме — аңыз айтылат. Көпчүлүк сөзгө караганда аны өзүнүн эле туугандары, же болбосо ага атаандаш, көрө албас жакындары чыккынчылык кылып кармап беришкен дешет. Болбосо баатыр кармашып жатып эрөөл талаада көз жуммак же жеңип чыкмак эле дешип кеп кылышат.

Балбай баатырдын кайсыл жерден кандайча кармалганы тууралуу баяндын биринде төмөнкүдөй айтылат:

— «Текестин «Ак-Корум» деген жеринен өтө берип, тумшукту имерилгенде өтөктөгү аткулактуу журтка туш келдик», — дейт Кудаш аксакал. Балбай баатыр мына ушул журттан орустун колуна түшкөн дешти. Олтуруп анын арбагына багыштап куран окудук. Журтту калың ат кулак басып калган экен. Баатырдын өзүнүн жакын туугандары Зарыбек, Күчүктөр жол көрсөтүп берип, капысынан душманды анын үстүнөн чыгарган экен.

Балбай баатырды жолдон бошотуп алууга да аракеттер болгон экен. Молдо баатыр чоң чепкендин ичинен эки кылыч байланып келген. Бирөөнү Балбайга берип, экинчиси менен өзү куралданып, айдап бара жатышкан жыйырмага жакын солдаттын баштарын кыя чаап салууга болмок экен. Бирок акылдуу баатыр ага көнгөн эмес. Эл жапаа тартып калат деп курал суурун кутулууга бел байлаган эмес экен. Эмне болсо да элге залакасын тийгизгиси келген эмес дешет.

Айрым адамдар баатырды коё бериш үчүн чечим чыгып, ага Колпаковский өзү кол койгон имиш дешет. Бул карманча туура эмес.

Анчалык кармап алып барышкандан кийин соо коё беришмек эмес. Соттой албагандан кийин элге кадыры бар баатырды жөнөкөй өлтүрүүдөн чочулашкан. Анткени кадырман баатырдын кыргыз-казакка баркы чоң экенин түшүнүшкөн. Кокус соттоп ачык өлтүрсөк өч алуу деген айыгышуу башталат дешкен. Андан көрө уулантып, тымызын тындым кылууга аракет жасашкан.

Ошентип баатырдын тамагына эң күчтүү уунун бири «Цианистый калийди» беришкен. Бирок «уу коргошун» чайнап жүргөн баатырга ал уу таасир этпей койгон. Кошо жатышкан жанындагы жолдоштору «мурт» өлүшкөн. Буга архивдеги 29/1576 № 139 ИД, 9 деген маалымат, же «кортундук актысы» күбө боло алат. Акыры ошол сыяктуу денеге шыбалган жана башка көрүлгөн чаралардын негизинде ооруп жатып, түрмөдөн чыгып барып казак Дербишалы деген адамдын боз үйүндө көз жумган. Денесин жүктөп келүүгө мүмкүнчүлүк болбогондуктан этин шылып таштап, сөөгүн серкенин чаначына салып келишип көл башына азыркы күмбөзү турган жерге көмүшкөн.



## БАЛБАЙДЫН АРМАНЫ

Агала болуп түрлөнүп,
Алманын гүлү бир башка.
Адамдын гүлү элең го
Оо, дүйнө кеттин Байкашка.
Жигердүү болуп түрлөнүп,
Жийденин гүлү бир башка,
Жигиттин гүлү элең го,
Оо, дүйнө кеттин Саркашка.
Алышкан жоосун тепсеген,
Айкөл эле балдарым,
Балдарымдан ажырап,
Атканы сая кетпеген.
Аябай кетти дарманым.
Ажалга дуушарлантканды,
Айкырып башын кескемин.
Тулпардын оозун жыйгамын,
Туйгундардан ажырап,
Туюкта калып ыйладым,
Аргымак оозун жыйгамын,
Арыстандардан ажырап,
Арманда калып ыйладым.
Тулпарды минип бастырып,
Тууганга кылдым жакшылык.
Тууганың бирок көрө албай,
Туюкта калып какшыдык.

Аргымак минип бастырып,
Ар кимге кылдык жакшылык.
Арамзаа тууган көрө албай,
Артымдан түштү жазгырып.
Оруска салды чагымды,
Олжолоп колдо барымды.
Оңбосун Күчүк, Сарыпбек
Оюңду мурда билгенде,
Оргуштап төкпөй канынды.
Ала-Кыр менен Сайкалды,
Аргымак минип ашпадым.
Алышкан жоого сайылбай,
Ак болот учтуу каскагым.
Абайлабай алдырып,
Аягымдан аксадым.
Алышып жатып өлбөдүм,
Акыйкат кылбас оруска,
Андан кийин көнбөдүм.
Бир кезде коргон чеп болгом,
Беттешкен жоом мерт болгон.
Алышкан жоого айбаттуу,
Ак бараң элем октолгон.
Аргасыз жатам абакта,
Ажырап бир топ достордон.
Сур кашка тулпар минбедим,
Суналтып болот найзаны,
Сундуруп жоого кирбедим.
Адилетсиз орустун,
Андып келип кармаарын,
Айлымда жатып билбедим.
Айтса да билбейм тилдерин.
Аларга эмне кылыпмын?
Акыйкатсыз орустун,
Арманда өлмөк болдум го,
Атышып какпай жиндерин.
Ноокастап жаткан кезимде

Түн жамынып кечинде,
Туш-туштан келди жабылып,
Қармаганга камынып...
Оңбосун Қүчүк тууганым,
Оруска кеттиң жагынып,
Оңолуп элге барамбы?
Оргуган шордон арылып,
Оболоп учкан куш элем,
Ойлонбой торго чалынып,
Оболку чамаа жогунан,
Оруска турам багынып,
Қапыстан торго чалынып,
Қапырга турам багынып.
Қалкыма бараар күн барбы?
Калдайган шордон арылып.
Қаршыгып турса тууганың,
Қанткенде өсүп жарыдык.
Қардыңды жарат элем го,
Қаргашалуу ит Қүчүк,
Қакшасаң да жалынып!



Балбай баатыр тууралуу айрым жагынан такталган жана тактала да элек маалыматтар эл арасында эң эле көп. Алардын Илимдер Академиясынын кол жазмалар корунда сакталгандарынын айрымдарын атай кетели:

1927-жылы Б. Айтбаевден Күсейин Карасаев жазып алган латын арибиндеги «Балбай» деген 55 беттен турган материал 1940-жылы кол жазмалар коруна өткөрүлгөн. Инвентар номери — 252/463.

1925—27-жылдары О. Мамыркан уулу тарабынан жазылып алынган дагы бир Балбай тууралуу араб арибин менен жазылган материал 35 беттен турат. Кол жазмалар коруна 1940-жылы кабыл алынган, Инв. номери 3/196.

Б. Айтбай уулунан жазылып алынган дагы бир материал да Балбай баатыр тууралуу. 1939-жылы тапшырылган, латын арабинде. Инвентар номери 15/208.

Ошол эле Б. Айтбаевден дагы бир «Өмүрү Балбай» деген маалымат жазылып алынып, кол жазмалар корунан 74/268 номери менен сакталып турат. Араб арибин менен 1926-жылы жазылып алынган, көлөмү 75 бет.

«Балбай» — 1923-жылы Каюм Мифтаков тарабынан жазылып алынган Кол жазмалар коруна 1946-жылы тапшышылган. Көлөмү 69 бет, араб арибин менен жазылган. Инв. номери 464/1864.

А. Арстакеев тарабынан элден жазылып алынган дагы бир Балбай тууралуу маалымат 1970-жылы жазылып алынып, Кол жазмалар коруна 1981-жылы тапшырылган. Көлөмү 78 бет. Инвентарь номери — 708/5346.

Балбай баатыр тууралуу Кыргыз эл акыны Күбанычбек Маликовдун узун поэмасы да бар. Ал чыгармасы үчүн акын өз учурунда далай азапка кириптер болду эле, акыры бый-

ыл ал чоң чыгармасы кайрадан басылып чыкты. Бирок ал так маалымат эмес, акындын кыялынан жаралган көркөм чыгармасы.

Мындан башка да ошол эле кол жазмалар корунда жана эл оозунда болуп Балбай баатыр тууралуу бир далай маалыматтар көп. Биз болсо колуңуздардагы китепчеде өзүбүз жыйнап алган маалыматтардын негизинде гана баяндап, элге сунуш кылып олтурабыз.

Ушу тапта даярдык көрүлүп, 200 жылдык торколуу тою өткөрүлгөнү тургандагы баатырдын арбагына багыштаган чакан эстелигибиз болсун деген тилегибиз.

Эми ошол мааракe маалында дагы далай маалыматтар такталып, калк арасы казына эмеспи, тарыхый адамдарыбыздын дареги улам дааналана берерине ишенебиз.

Жапар КЕНЧИЕВ

БАЛБАЙ БААТЫР БАЯНЫ

Редактору Омор ЭРКЕТАНОВ.

«Буудайык» чакан ишканасы.

Терүүгө 06.04.1992-ж. берилди.

Басууга 24.04.1992-ж. кол коюлду.

Кагазы тип. № 1. Форматы 740×560.

Көлөмү 3,7. Тиражы 10.000 нуска.

*Бишкек шаары. № 3-кесипчилик-техникалык*
*окуу жайынын басмаканасы.*
*Биринчи май көчөсү, 62.*

